**Тогуз-Торо районунун 2025-жылдын 1-кварталынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн абалы жана 2025-жылдын 2-кварталына карата милдеттери тууралуу**
**ТАКТАМАСЫ**

## 1. Өнөр-жай тармагы боюнча:

Район боюнча жалпы өнөр-жай тармагында иштеп жаткан өндүрүштүк субъекттер тарабынан 2025-жылдын 1-кварталында 696 225,1 миң сомдук продукция өндүрүлгөн болсо, ал эми 2024-жыл 1-кварталында ичинде 370 095,7 миң сомдук продукциялары өндүрүлүп, продукциянын физикалык көлөмүнүн индекси 2025-жылдын 1-кварталына 139,9% ды камтып, былтыркы жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу өндүрүлгөн продукциянын көлөмү 326 129,4 миң сомго көп өндүрүлүп, аткаруу 188,1% түзгөн. Жалпы өндүрүлгөн 696 225,1 миң сомдук продукциянын ичинен 99,7 % пайызын тоо кен тармагы түзсө, 0,3% пайызын райондогу калган өндүрүштүк тармактар түзөт.

Райондун аймагындагы эң ири өндүрүш ишканасы “Макмал Голд Компани” ЖЧКсынын ишмердүүлүгүн алсак, 2025-жыл 1-кварталында 694 033,5 миң сомдук товардык продукция өндүрүлүп, былтыркы жылдын ушул мегилине салыштырмалуу көрсөткүч 188,0% ды түзгөн, же болбосо 324 883, миң сомдук продукцияга көп өндүрүлгөн. Ал эми жеке ишкерлер тарабынан өндүрүлгөн товардык продукцияларын ала турган болсок, 2024-жылдын 1-кварталында 945,2 миң сомдук продукция өндүрүлгөн болсо, 2025-жылдын 1-кварталында 2 191,6 миң сомдук продукциясы өндүрүлүп, 2024-жылга салыштырмалуу 231,9 % ды түзүп, 1 246,4 миң сомго көп өндүрүлгөн.

“Макмал Голд Компани” ЖЧК сында жалпы 679 адам эмгектенсе, мунун ичинен, башкаруу аппаратында 125 адам, жөнөкөй жумушчулар 554 адамды түзүп, бир айлык орточо эмгек акы жалпы компания боюнча алганда 79 699,3 сомду түзгөн. Башкаруу аппаратыныкы 124 403,6 сом, ал эми жумушчулардыкы 69 612,6 сомду түздү.

Өндүрүлгөн 1 грамм алтындын нарк баасы 2025-жылдын 1-кварталында 6043,1 сомду тузсө, 2024-жылдын 1-кварталында 5498,2 сомду түзүп, 1 грамм алтындын нарк баасы былтыркы жылдын ушул мезгилге салыштырмалуу 544,9 сомго кымбаттаган, алтын өндүрүү 2025-жылдын 1-кварталында 84,74 кг өндүрүлгөн болсо, 2024-жылдын 1-кварталында 64,43 кг өндүрүлүп, көрсөткүч өткөн жылга салыштырмалуу 20,31 кг көп өндүрүлүп, аталган “Макмал Голд Компани” ЖЧКсы 2025-жылдын 1-кварталында 51 230,0 миң сомдук пайда (прибыль) менен чыгышкан.

## 2. Райондун бюджети:

Тогуз-Торо району боюнча мамлекеттик бюджетти аткарууда 2025-жылдын 1-кварталында 194 338,0 миң сомдук план тапшырмасы берилип, иш жүзүндө 227 740,4 миң сомго аткарылып, көрсөткүч 117,2% ды түзүп, мамлекеттик бюджетке 33 402,4 миң сомдук каражаттар ашыгы менен түшкөн, же былтыркы жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 71 145,4 миң сомго көп чогултулган.

Мунун ичинен:

- Республикалык бюджеттин планы 168 530,4 миң сом берилип, иш жүзүндө 192 872,0 миң сомду түзүп, аткаруу 114,4 % ды түзүп, 24 341,6 миң сом ашыгы менен аткарылган, же былтыркы жылга салыштырмалуу 57 383,0 миң сом ашыкча топтолгон.
- Жергиликтүү бюджеттин планы 25 807,7 миң сом берилип, иш жүзүндө 34 868,4 миң сомду түзүп, аткаруу 135,1 % ды түзгөн, же 9 060,7 миң сомго ашыгы менен аткарылып, былтыркы жылга салыштырмалуу 13 762,4 миң сом ашыкча топтолгон.

**Жергиликтүү бюджетке айыл өкмөттөр тарабынан чогулткан салыгы боюнча:**

- Каргалык айыл өкмөтүнө 2025-жылдын 1-кварталына 70,0 миң сом план тапшырма берилген болсо, иш жүзүндө 71,4 миң сом чогултулуп, аткаруу 102,0% түзүп же болбосо 1,4 миң сомго ашыгы менен аткарылган.

- Тогуз-Торо айыл өкмөтүндө 2025-жылдын 1-кварталына 22,4 миң сом план тапшырма берилген болсо, иш жүзүндө 26,9 миң сом чогултулуп, аткаруу 120,1 % түзүп же болбосо 4,5 миң сомго ашыгы менен аткарылган.
- Атай айыл өкмөтүндө 2025-жылдын 1-кварталына 42,0 миң сом план тапшырма берилген болсо, иш жүзүндө 17,7 миң сом чогултулуп, аткаруу 42,1% түзүп же болбосо 24,3 миң сомго план тапшырма аткарылган эмес.

**Ашыкча төлөнгөн салыктар боюнча**: 2025-жылдын 1-январына карата ашыкча төлөмдөрдүн суммасы 9 975,3 миң сомду түзсө, 2025-жылдын 1-апрелине карата 8 064,3 миң сомду түзүп, 2025-жылдын 1-январына салыштырмалуу ашыкча төлөмдөрдүн суммасы 1 911,0 миң сомго кыскарган.

**Ал эми төлөнбөй калган салыктар боюнча:** 2025-жылдын 1-январына карата 13 694,1 миң сомду түзсө, 2025-жылдын 1-апрелине карата 20 293,9 миң сомду түзүп, 2025-жылдын 1-январына салыштырмалуу төлөнбөй калган салыктардын суммасы 6 599,3 миң сомго өсүп кеткен.

**Районубуздагы социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо боюнча:** 2025-жылдын 1-кварталына карата 147 159,0 миң сомдук план тапшырмасы берилип, иш жүзүндө 147 847,7 миң сомго аткарылып, берилген план-тапшырма 100,5 % га аткарылган, же болбосо 688,7 миң сомго ашыгы менен жыйналган. Ал эми 2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү 49 056,8 миң сомго көбүрөөк жыйналып өсүү темпи 149,7 % ды түзгөн.

**Райондун айыл аймактарынын жергиликтүү бюджеттеринин 2025-жылдын 1-кварталына карата өзүн-өзү каржылоолору боюнча.**

миң.сом

| Көрсөткүчтөр | | | Жалпы | Айыл өкмөттөр аталышы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Атай | Каргалык | Тогуз-Торо |
| 11 | Киреше | 2024 | 22872,8 | 1829,3 | 19503,9 | 1539,6 |
| | | 2025 | 38090,1 | 2257,9 | 34275,8 | 1556,4 |
| | | айырмасы | 15217,3 | 428,6 | 14771,9 | 16,8 |
| 22 | Теңдештирилген трансферт (гранттар) | 2024 | 9300,4 | 3204,8 | 1905,2 | 4190,4 |
| | | 2025 | 7994,6 | 4035,7 | 0 | 3958,9 |
| | | айырмасы | -1305,8 | 830,9 | -1905,2 | -231,5 |
| 33 | Республикадан келген кошумча каражат | 2024 | 1982,4 | 441,0 | 1177,9 | 363,5 |
| | | 2025 | 4071,3 | 435,3 | 3207,8 | 428,2 |
| | | айырмасы | 2088,9 | -5,7 | 2029,9 | 64,7 |
| 44 | Жалпысы | 2024 | 34155,6 | 5475,1 | 22587,0 | 6093,5 |
| | | 2025 | 50156,0 | 6728,9 | 37483,6 | 5943,5 |
| | | айырмасы | 16000,4 | 1253,8 | 14896,6 | -150 |
| 55 | Дотация | 2024 | -33,0 | -66,6 | -13,6 | -74,7 |
| | | 2025 | -24,1 | -66,4 | -8,6 | -73,8 |
| | | айырмасы | 9,0 | 0,1 | 5,1 | 0,9 |

| | Айыл аймак аталышы | 2024-жыл 1-квартал | | | Камсыздоо (%) | 2025-жыл 1-квартал | | | Камсыздоо (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жергиликтүү бюджеттин кирешеси | Жергиликтүү бюджеттин чыгашасы | айырма (+,-) | | Жергиликтүү бюджеттин кирешеси | Жергиликтүү бюджеттин чыгашасы | айырма (+,-) | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Атай а-ө | 1829,3 | 4883,3 | -3054,3 | 37,5 | 2257,9 | 5013,5 | -2755,6 | 45,0 |
| 2 | Каргалык а-ө | 19503,9 | 11319,3 | 8184,6 | 172,3 | 34275,8 | 10551,8 | 23724,0 | 324,8 |
| 3 | Тогуз-Торо а-ө | 1539,6 | 3699,0 | -2159,4 | 41,6 | 1556,4 | 4732,8 | -3176,4 | 32,9 |
| | **Баардыгы** | **22872,8** | **19901,9** | **2970,9** | **114,9** | **38090,1** | **20298,1** | **17792,0** | **187,7** |

Жалпы жергиликтүү бюджеттин кирешеси 2025-жыл 1-кварталында 38 090,1 миң сомду түзүп, чыгашасына 20 298,1 миң сомго каржылоо жүргүзүлүп, өзүн-өзү камсыздоо 187,7 % ды түзгөн. Ал эми 2024-жыл 1-кварталында киреше 22 872,8 миң сомду түзүп, чыгашасына 19 901,9 миң сомго каржылоо жүргүзүлүп өзүн өзү камсыздоо 114,9 % ды түзгөн. Башкача айтканда 2025-жыл ичи 2024-жылга салыштырмалуу киреше бөлүгү 66,5%га өссө, чыгашасы 2,0%га өскөн.

## 3. <u>Калкка акылуу кызмат көрсөтүү жана товар жүгүртүү:</u>

Районубузда калкка акылуу кызмат көрсөтүү 2024-жылдын 1-кварталында 41 186,0 миң сомду түзсө, 2023-жылдын 1-кварталында ушул мезгилине 28 046,7 миң сомду түзүп, былтыркы жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу көрсөткүч 146,8 % түзүп 13 139,3 миң сомго кызмат акы көбүрөөк көрсөтүлгөн, ал эми ошол көрсөтүлгөн 41 186,0 миң сомдун ичинен : юридикалык жак 13 355,7 миң сом, физикалык жак 27 830,3 миң сом көрсөтүшкөн.

Ал эми районубуздагы чекене соода жүгүртүүнүн көлөмү, коомдук тамак ашты кошкондо 2025-жылдын 1-кварталында 144 595,1 миң сомго жеткирилсе, 2024-жылдын ушул мезгилинде 131 456,0 миң сомду түзүп, өткөн жылга салыштырмалуу 110,0 % ды түзүп, 13 139,1 миң сомго көбүрөөк болгон.

## 4. <u>Инвестиция боюнча :</u>

Район боюнча 2024-жылдын үч айында 4 458,8 миң сомдук инвестиция тартылса, 2025-жылдын 3 айында 14 285,9 миң сомдук инвестиция тартылып, былтыркы жылга салыштырмалуу инвестициянын көлөмү 320,4 % га өскөн, же болбосо 9 827,1 миң сомго көп тартылган, мунун ичинен ;

- **ички инвестиция** боюнча 2024-жылы 1 562,8 миң сом тартылган болсо, 2025-жылы 12 335,9 миң сом тартылып, өткөн жылга салыштырмалуу 10 773,1 миң сомго көп тартылган же болбосо 689,3 % га өскөн.
- **тышкы инвестиция** боюнча 2024-жылы 2 896,0 миң сом тартылган болсо, 2025-жылы 1 950,0 миң сом тартылып, өткөн жылга салыштырмалуу 946,0 миң сомго аз тартылган же болбосо 32,7 % пайызга аз.

**Ал эми айыл өкмөттөр аралык тартылган инвестицияларды ала турган болсок**

- Тогуз-Торо айыл өкмөтүндө жалпы ички-тышкы инвестициясы 6 562,0 миң сом
- Каргалык айыл өкмөтү жалпы ички-тышкы инвестициясы 2 900,0 миң сом
- Атай айыл өкмөтүндө жалпы ички-тышкы инвестиция 4 823,9 миң сомго тартышкан.

**Айыл өкмөттөрдүн ички инвестициясы боюнча**

- Тогуз-Торо айыл өкмөтүндө ички инвестиция 5 062,0 миң сом
- Каргалык айыл өкмөтүндө ички инвестиция 2 450,0 миң сом
- Атай айыл өкмөтүндө ички инвестиция 4 823,9 миң сом тартышкан.

**Айыл өкмөттөрдүн тышкы инвестициясы боюнча**

- Тогуз-Торо айыл өкмөтүндө тышкы инвестиция 1 500,0 миң сом

- Каргалык айыл өкмөтүндө тышкы инвестиция 450,0 миң сом
- Атай айыл өкмөтүндө тышкы инвестиция 0,0 миң сомго тартышкан

## 5. Тогуз-Торо районундагы коомдук фондтор:

Тогуз-Торо районуну аймагында “Тогуз-Торо районунун өнүктүрүү фондусу” мекемеси, “Казарман” коомдук фондусу жана “Тогуз-Торо районун өнүктүрүү фонду” ЧКА коомдук фондусу өз ишмердуулукторүн жүргүзүп келет.

**“Тогуз-Торо районунун өнуктүрүү фондусу” мекемесинин** “Макмал Голд Компани” ЖЧКсы 2 % салыктык эмес төлөм боюнча 2025-жылдын 1-кварталында 11 358,7 миң сом Республикалык бюджетке которулган болсо, Фонддун Байкоочу кеңеши 2025-жылга карата төмөндөгү жалпы суммасы 26 753,6 миң сомдук социалдык-инфрастуралык 14 долбоорду бир добуштан жактырып, каржылоо үчүн бекиткен, алар:

**- Каргалык айыл өкмөтү 3 долбоор;**

- Каргалык айыл өкмөтүнүн Казарман айылындагы Бердалиев көчөсүнүн 470 метрине ысык асфальт төшөө долбоору - **2 840,6 миң сом.**
- Тогуз-Торо районунун Каргалык айыл өкмөтүнүн Казарман айылындагы Бектен көчөсүнө 1800 метр жерге бетон лотокторун орнотууга карата долбоору**- 3 500,0 миң сом.**
- 3-Водхоз учаскасына 2 даана көпүрө куруу долбоору келишим боюнча 122,3 миң сом которулуп **1 100,4 миң сом** акча жумуштар толук аткарылганда бөлүнөт.

**- Атай айыл өкмөтү 5 долбоор;**

- 1-Бирдик айылынын Акматбек көчөсүнүн 650 метрине ысык асфальт төшөө долбоору **-1 950,0 миң сом.**
- Атай айылынын Жаркынбай көчөсүнүн 650 метрине ысык асфальт төшөө долбоору- **1 610,0 миң сом.**
- Арал айылынын Т.Жээналиев көчөсүнүн 2 километрине тротуар жасоо долбоору- **3 526,5 миң сом.**
- Арал айылына балдар ойноочу жай куруу боюнча долбоору- **2 200,0 миң сом.**
- Бирдик айылына балдар ойноочу жай куруу боюнча долбоору- **2 200,0 миң сом.**

**- Тогуз-Торо айыл өкмөтү 5 долбоор;**

- Т.Мурзалиев көчөсүнүн 480 метр ички жолуна ысык асфальт төшөө долбоору- **1 252,9 миң сом.**
- К.Абдыжапаров көчөсүнүн 450 метр ички жолуна ысык асфальт төшөө долбоору- **939,4 миң сом**.
- Т.Мурзалиев көчөсүнүн 475 метр ички жолуна ысык асфальт төшөө долбоору – **1 152,3 миң сом.**
- Абдыжапаров көчөсүнүн 253метр ички жолуна ысык асфальт тошоо долбоору - **2 477,8 миң сом**.
- Казарман айылындагы Р.Чокморов көчөсүнүн 170 метр ички жолуна ысык асфальт төшөө долбоору- **1 581,4 миң сом.**

**- Тогуз-Торо райондук А.Жакишов атындагы ЖДТБ 1 долбоор;**

- А.Жакишов атындагы ЖДТБга өлүк сактоочу жай куруу долбоору – **300,0 миң сом.**

Жогорудагы долбоорду ишке ашыруу үчүн айыл өкмөттөрү жана тиешелүү мекеме менен 2 (эки) тараптуу максатуу каржылоо жөнүндө келишим түзүлүп, Мамлекеттик сатып алуулар мыйзамына ылайык айыл аймактардын айыл өкмөттөрү тарабынан тендерге берүү иштери жүрүп жатат.

Ал эми **Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы “КАЗАРМАН” коомдук фондунун** ишмердүүлүгүнө, фонд тарабынан мыйзамдардын жана Уставдын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү боюнча райондук мамлекеттик администрациясынын 19.02.2024-жылдагы №35-б буйругунун негизинде курамы 15 адамдан турган Байкоочу кеңеш түзүлгөн.

“Казарман” коомдук Фонду Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Жалал-Абад областы боюнча Башкы башкармалыгынын 2025-жылдын 29-январындагы №04-6/857 кызматтык катынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу ички аудит кызматынын 2025-жылдын 20-февралындагы №29-1-12/126 жана 10-мартындагы №29-1-12/175 буйруктарынын негизинде текшерүүдөн өттү. Байкоочу кеңештин 26-март 2025-жылдагы отурумунун чечими менен текшерүүнүн жыйынтыгы чыккыча фонддун ишмердүүлүгү-кайрылууларды кароо, каржылоо убактылуу токтоп турат. Кайтарым менен акча каражатын алгандар келишимдин негизинде фонддун эсебине акча төгүп жатышат. Бүгүнкү күндө фонддун эсебинде 2 880,2 миң сом акча каражаты бар.

## 6. Айыл чарба тармагы боюнча :

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 21-февралындагы №101-т тескемесин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн 2025-жылдын 13-мартындагы № 3-т тескемесин жетекчилике алып, райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 17-мартындагы № 64-т тескемеси менен райондук штаб түзүлгөн, айыл өкмөттөрдүн берген түзүмүнүн негизинде райондун аймагында 2025-жылдын түшүмү үчүн жалпы 2958 га айдоо аянт бекитилип, мунун ичинен 523 га буудай, 1151 га арпа, 446 га жүгөрү, 160 га картошка 150 га жашылча, 171 га май өсүмдүгү, сулу 20 га, 337 га көп жылдык чөп айдап себүү пландалган.Мындан сырткары 2025-жылдын түшүмү үчүн 86 га жер аянтына күздүк буудай себилген.

**Айыл аймактар боюнча 2025-жылга түзүлгөн түзүм боюнча маалымат:**

| № | Айыл аймактын аталышы | Буудай | Арпа | Жүгөрү | Картошка | Жашылча | Май өсүмдүгү | Сулу | Көп жылдык чөп | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Атай | 125 | 420 | 176 | 70 | 70 | 61 | - | 107 | **1029** |
| 2 | Каргалык | 136 | 410 | 240 | 60 | 60 | 80 | - | 200 | **1186** |
| 3 | Тогуз-Торо | 262 | 321 | 30 | 30 | 20 | 30 | 20 | 30 | **743** |
| | **Район боюнча** | **523** | **1151** | **446** | **160** | **150** | **171** | **20** | **337** | **2958** |

Жазгы айдап себүү иштерине карата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан айыл өкмөттөр менен биргеликте айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөндөрүнө керектелүүчү көлөмүн тактоо боюнча өтүнмөлөр алынган.

Жазгы айдап-себүү иштерине карата керектелүүчү кылкандуу дан эгиндеринин үрөнүнүн көлөмү 334 тоннаны түзүп, бүгүнкү күнгө такталган дыйкандардын колундагы кылкандуу дан эгиндеринин үрөнү 312,7 тоннаны түзүп жетпеген 21,3 тонна Дотация аркылуу дыйкандарды үрөн менен камсыз кылуу максатында Ысык-Ата районундагы “Таза Жан Агро” АЧКсынан жана Сокулук районунан КОСС үрөнчүлүк чарбасынан 4,7 тн Интенсивная жана Тризо сортундагы 1-репродукциядагы буудай үрөндөрү “Эл-Дан Аталык” компаниясынан 11,5 тн арпа Аталык РС-1 арпа, мындан сырткары көп жылдык чөптүн үрөнүнө өтүнмөлөр көп түшүп жаткандыктан “Победитель” үрөн чарбасынан 10 тонна эспарцет, Жайыл районунун Ставрополовка айылындагы “Райымбек” дыйкан чарбасынан 133 кг. Дакота РС-1 беде үрөнү таратылып берилди. Башкармалыктын кампасында 4,0 тонна сафлордун үрөнү дыйкандарга таратылып берилди. Сорт жаңыртуу максатында “Атай” үрнчүлүк чарбасына КОСС селекциялык станциясынан 5 тн Ватан жана Нутанс-89 сортундагы элита репродукциясындагы үрондөрү алып келип себилди.

Мындан сырткары Кыял, Ардак сортундагы күздүк буудай Элита үрөндөрү алып келип себилген.

Жалпы кылкандуу дан эгин себүүгө топтолгон 3348 ц үрөндөн кондициядан өткөнү 2512 ц же 75,0% болду.

Ал эми быйылкы жылга "Айыл Банк" жана "Элдик Банк" ААКунун райондогу филиалдары тарабынан дыйкан-фермерлердин жазгы айдап-себүү иштерине колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын 14.02.2025-жылдагы №80-р тескемесинин негизинде "Айыл чарбасын каржылоо-13" долбоорунун алкагында 10%дык кредит менен "Айыл Банк" АККунун райондогу филиалына жалпы 16755,0 миң сом каралып, мунун ичинен мал чарбачылыгына 16000,0 миң сом, жер иштетүүгө 755,0 миң сом бөлүнгөн. Бүгүнкү күндө мал чарбачылыгына бөлүнгөн акча каражатынан 14 кардар 6800,0 миң сом алышкан. Жер иштетүүгө 1 кардар 200,0 миң сомго заявка берип алган.

"РСК-Банк" АККунун райондогу филиалына жалпы 16622,0 миң сом каралып, мунун ичинен мал чарбачылыгына 9294,0 миң сом, жер иштетүүгө 7327,0 миң сом, сом бөлүнгөн. Бүгүнкү күндө мал чарбачылыгына бөлүнгөн акча каражатынан жалпы 31 кардарга 21620,0 миң сом берилген. Ал эми жер иштетүүгө 12 кардарга 3680,0 миң сом берилген.

Пайдаланылбай жаткан аңыздын эсебинен 100 га айдоо аянтын кыскартуу тапшырмасы кабыл алынып, райондук тиешелүү структураларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тапшырмалар жеткирилген. Алып айтсак,

**Айыл аймактар боюнча пайдаланылбай калган аңыздын эсебинин кыскартуу боюнча маалымат:**

| № | Айыл аймактардын аталышы | 2024-жылга пайдаланылбай калган аңыз | 2025-жылга күтүлөт | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Кыскартылат, га | Аянт, га |
| 1 | Атай | 81 | - | 81 |
| 2 | Каргалык | 905 | 80 | 825 |
| 3 | Тогуз-Торо | 120 | 20 | 100 |
| | **Баардыгы:** | **1205** | **100** | **1006** |

Жалпы эсепте турган 122 даана трактордон 108 даана оң 88,5 % даяр, айыл чарба шаймандарынан 66 даана сокодон 51 даана оң 77,2 % , 67 даана маладан 49 даана мала оң 73,1 %, 23 даана сеялкадан 21 даана оң 91,3 % даяр.

Жалпы айдап-себүү иштерине 147,9 тн дизелдик күйүүчү май керектеле турган болсо, райондун аймагындагы май куюуучу жайларынан литри 74 сомдон сатылууда. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунан 46,2 тн күйүүчү май 65 сомдон дыйкандарга бөлүнүп берилип, 25,5 тн дыйкандар тарабынан арзандатылган баа менен алынып келип таратылып берилди.Айыл өкмөттөр боюнча алып айтсак: Атай айыл өкмөтү 6,2 тн, Каргалык айыл өкмөтү 5,2 тн, Тогуз-Торо айыл өкмөтү 14,1 тн.

## 7. **Ирригация.**

Райондук Суу чарба башкармалыгынын балансасындагы 74,2 км, мунун ичинен 32,1 км лоток-бетон түрүндө, каналынын 8,2 км 2025-жылга механикалык тазалоого, 500 метр жерди бетон жайылмасын (бетонный полотно) төшөө, 8 гидротехникалык курулмаларды ремонттоо, 5 гидропост ремонттоо жана 18 суу бөлүштүрүүчү курулмаларды краскалоо планга коюлган, ал эми суу берүүдө жалпы план боюнча 12,0 млн куб сугат суу берүү пландалып 2025-жылга 432,9 миң сом акча каражаты өндүрүлөт.

Ал эми 2192 га жер аянтты райондук суу чарба башкармалыгы тарабынан 6 канал менен сугат суу камсыз болот. “Жырма”, “Долоно”, “Кара-Табылгы-Дүпкүр”, “Өрнөк”, “Кара-Талаа”, “Кайынды” каналдары аркылуу.

**“Жырма” каналы:** 622 га жер аянтын тейлейт. Каналдын узундугу 17,1 км. 2025- жылдын жазгы сугатына даярдоо максатында жумушчу күчү менен 3,2 км каналдын ичи тазаланып, камыш, тал-теректер кол күчү менен тазаланган. Жалпы 232 дыйкан-фермерлер менен келишим түзүлүп, 173,6 миң сомду түздү. 2025-жылга карата 3,0 км каналды механикалык жол менен тазаланып, 1 гидротехникалык курулмасы ремонттоолуп, 1 гидропост ремонттолгон.

**“Долоно” каналы:** 190 га жер аянтын тейлейт. Каналдын узундугу 9,1 км. 2025-жылдын жазгы сугат иштерине даярдоо максатында кол күчү менен 0,5 км каналдын ичиндеги кум-шагылдар тазаланып жана тал-теректер кыркылып тазаланган. Жалпы 133 дыйкан-фермерлер менен сууга келишим түзүлүп, 53,0 миң сомду түздү. 2025-жылга 400 метр механикалык жол менен тазаланган, 2 гидротехникалык курулма ремонттолуп жана 1 гидропост ремонттолгон.

**“Кара-Табылгы-Дүпкүр” каналы:** 346 га жер аянтын тейлейт. Каналдын узундугу 5,8 км. Жазгы сугат иштерине даярдоого кол күчү менен 1,3 км каналдын ичинде өскөн камыш, тал-теректер кыркылып тазаланган, 1,3 км экскoватор жана погрузчик техникасы менен каналдын магистралы тазаланган. Жалпы 141 дыйкан-фермерлер менен сууга келишим түзүлүп, 96,7 миң сомду түздү. 2025-жылга 1,3 км механикалык жол менен тазаланып, 1 гидротехникалык курулмаларды ремонттон өткөрүлгөн, 1 гидропост ремонттолгон.

**“Кара-Талаа” каналы:** 720 га жер аянтын тейлейт, Каналдын узундугу 23,0 км 2025-жылдын жазгы сугат мезгилине дыйкан фермерлерди сугат суу менен камсыз кылуу үчүн 48 метр жериндеги лотоктордун жарылган жерлерине бетондо иштери жүргүзүлдү, жана башкы курулманын жогорку бөлүгүн 100 метр жерин экскoватор жана погрузчиктин жардамы менен дамбалоо иштери жүргүзүлгөн. Жалпы 85 дыйкан-фермерлер менен сууга келишим түзүлүп, 97,8 миң сомду түздү. 2025-жылга башкы курулмасынын жогорку бөлүгүн 400 метр жерди механикалык жол менен дамбалоо жана тазалоо иштери жүргүзүлгөн, 2 гидротехникалык курулмаларды ремонттон өткөрүлгөн, 1 гидропост ремонттолгон.

**“Кайынды” каналы:** жалпы 42 га жер аянтын тейлейт. Каналдын узундугу 10,5 км 2025-жылы жазгы сугат мезгилине дыйкан-фермерлерге суу жеткирип берүү үчүн 1,0 км механикалык тазалоо пландалган, 1 суу ченөөчү тосмо планга коюлган, 500 метр магистралына бетон жайылмасын ( бетонный полотно) төшөө планга киргизилген. Жалпы сууга 11,8 миң сом өндүрүлөт

**“Өрнөк” каналын** калыбына келтирүү үчүн суу чарба башкармалыгы тарабынан 59,0 млн сомго ПСДсы даярдалып 2024-жылы биринчи этабын бүткөрүгө 14,9 млн сомго мамлекеттик сатып алуулар порталына тендер өткөрүлүп, тендердин женүүчүсү болуп «КАСКАД» жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан утуп алынып, 2024–жылдын декабрь айында 3664,0 мин сом акча каражаты которулуп берилген, утуп алган «КАСКАД» жоопкерчилиги чектелген коому керектүү техникаларын Жалал-Абад областынан алып келип 2025-жылдын 15-майында иш баштоо алдында турат..

## 8. Ветеринардык башкармалыгы боюнча:

2025-жылдын 1-январына карата район боюнча: 2024-жылдын 1-январына салыштырмалуу **ири мүйүздүү мал 21732** баш саналып 1537башка көп, **кой-эчкилер 48153** баш саналып же болбосо 960 башка көп, **жылкылар 8857** баш саналып же болбосо 408 башка көп, **үй канаттуулары 31517** баш же 648 башка көп болуп катталды. Ири мүйүздүү мал 7,6 %, кой-эчкилер 0,2 % , жылкы 4,8 % ал эми үй-канаттуулары 0,2 % өсүш берди.

Тогуз-Торо райондук ветеринардык башкармалыгынан 2025-жылдын 1-кварталына 3124 баш мал, мындан сырткары 516 баш жылкы идентификациядан өткөрүлгөн.

Жаныбарларды идентификациялоо жана көзөмөлдөө системасына киргизүү (ЖИКС) 100 % бүткөрүлдү. Бүгүнкү күндө 29175 баш тирүү мал базада катталып турат. мындан сырткары 7465 баш жылкы базада катталып турат.

Райондо малдардын арасында өтө коркунучтуу жугуштуу оорулар катталган жок эпизоотиялык абал туруктуу. Райондук ветеринардык башкармалык тарабынан райондун аймагындагы айыл чарба малдарын жана жаныбарларын, жугуштуу оорулардан алдын алуу, мите курт ооруларынан арылтуу, ошондой эле дарылоо иш чараларын уюштурууда, айыл аймактын ветеринардык адистери жана 10 жеке менчик ветеринардык адистери тарабынан алардын мүчөлөрүнө багыт берип көзөмөлдөнүп келет.

Ири мүйүүздү малдарды бруцеллез оорусуна лабораториялык текшерүү 2025-жылдын 3 айына бруцеллез оорусуна 3438 баштан кан алынып 86,0% аткарылып, 7 баш ири мүйүүздү малдан 2 баш майда мүйүүзү малдан табылып, баардыгы союлуп жок кылынган.

Шарп оорусуна каршы 21288 баш мал эмдөөдөн өткөрүлдү же болбосо 118,0 % га аткарылды.

Карасан оорусуна каршы эмдөө 9629 баш малга эмдөө жүргүзүлүп 214,0 % га аткарылган.

Сибирь жарасы боюнча райондун аймагында катталган жок. Ошондуктан жылкы, ири мүйүздүү малга жана майда мүйүздүү малдарга 2012–2025-жылдардын планына каралган эмес.

Ал эми майда мүйүздү малдарга (МММ) эмдөө иштери боюнча, Оспа оорусуна 17485 баш кой-эчкиге эмдөө иштери жүргүзүлүп 250,0 % аткарылган.

Кыргын (Чума) оорусуна план коюлган эмес 12287 башка эмдөө иштери жүргүзүлгөн.

2025-жылдын 1-кварталына ири мүйүүздү малдардын кулак биркадан 120231 сомдук бирка жеке ветеринарлардын, ал эми жылкы малдарына чип басууда 30374 сомдук жылкынын чиптери жеке ветеринарлар тарабынан иштетилүүдө. Малдын кыймылын көзөмөлдөө райондогу 3 айыл аймактын операторлору жана жеке ветеринарлары тарабынан иш жүрүүдө. Ошондой эле өлгөн жана союлган малдар ЖИКС системасынан чыгышталууда жана сатылып алынган ири мүйүздүү малдар кириштелип келет.

## *9.* Токой чарбасы боюнча:

Тогуз-Торо Токой чарбасынын жалпы аянты 54874,5 га түзүп, мунун ичинен жалпы токойлуу жерлер 10549,7 га, токой каптабаган аянт 44324,8 га жер аянтты түзөт.

3 токойчулук бөлүмдөн турат: Беш-Көл токойчулук бөлүмү-18037,1 га, Макмал-21824,6 га, Көк-Ирим-15012,8 га жер аянтты түзөт.

2025-жылдын 3 айында 80000 даана калемче даярдалып, тигүүгө даяр. Жарандар тарабынан 2025-жылдын 3 айына токой токой мыйзамдарын бузуу катталган эмес.

**Финансы-экономикалык абалы боюнча маалымат**

| **Кирешенин аталышы** | **План 2025-жылдын 1-кварталына (сом)** | **Факт 2025-жылдын 1-кварталына (сом)** | **Аткарылышы %** |
|---|---|---|---|
| Токой жерин ижарага берүүдөн | 29485 | 13057 | 44,0 |
| Сезондук жайыт | 0 | 0 | 0 |
| **Жалпы** | **29485** | **13057** | **44,0** |

Токой чарбага 2024-жылдын эсебинен токой жерин ижарага берүүдөн 17632 сом, дебитордук карыз болуп калган. Бүгүнкү күнгө токой жерин ижарага берүүдөн калган 17632 сом толук өндүрүлгөн.

Ал эми 2025-жылдын 3 айына бюджеттен жалпы 2910,0 миң сом которулуп, эмгек акыга 2586,2 миң сом, соц.фондго 323,8 миң сом которулган.

**10. <u>Мамлекеттик жаратылыш парктары боюнча</u>:**

**“Саймалуу-Таш” мамлекеттик жаратылыш паркынын** 31932 гектарды түзүп, 4 зонага бөлүнөт. Өзгөчө корголуучу зона 6186,0 га, туристтик зона 4540,8 га, өндүрүштүк зона 18169,4 га, экологиялык турукташтыруу зона 3035,8 га.

Токой баскан жерлер 5031,3 га, суу баспаган айдоо жерлер 1,2 га, чөп чабынды жерлер 57,3 га, жайыт жерлер 15212,4 га жана мөңгүлөр 1237,9 гектарды түзөт.

“Саймалуу-Таш” мамлекеттик жаратылыш паркынын Көк-Арт аймагына 4200 метр жерден суу тартып келүү жумуштары жүргүзүлүп, сууну шланги менен жер астына көмүү аркылуу тартылып, парктын туристтик база боло турган жерге алынып келип суу чыгарылган. Суу алып келүү үчүн жалпы чыгымы 108,4 сом болуп, анын ичинен 90,0 сомду “Чайна Роуд” компаниясы каржылаган. Парктын Кылдоо участкасындагы өрткө каршы жол жана жайыт пайдалануу үчүн салынган жолдун 15 км жерди сүздүрүп тазалоо иштери жүргүзүлүп, “Макмал Голд Компании” ЖЧК менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүлүп, атайын техника бөлүнүп берилген.

Ал эми парктын кошумча экме токойду (питомник) 1 га жерге кеңейтүү максатында “Макмал Голд Компании” ЖЧКна кайрылуу жүргүзүп, жыйынтыгында 50,0 сом акча каражатын парктын атайын эсеп каражатына которуп берген. “Жашыл Мурас” улуттук өнүктүгүнүн алкагында парктын Кылдоо өрөөнүндөгү кошумча экме токоюнан 113 даана түп Тянь-Шань карагай көчөтүн алып келип, парктын Көк-Арт аймагына тигилген. Мындан сырткары 2025-жылдын ноябрь айларында 87 даана түп Тянь-Шань карагай көчөтүн отургузуу пландалууда. Парктын аймагындагы № 6 Кылдоо участкасына кызматкерлер тарабынан жапайы жаныбарлар жана канаттууларга туз, жем берүү максатында канаттуулар үчүн 7 даана уя, жапайы жаныбарларга жем салууга 4 даана акыр жана туз салуу үчүн 4 даана ноо даярдалып орнотулган.

**“Кан-Ачуу” мамлекеттик жаратылыш паркынын** 30496,5 гектарды түзүп, 4 зонага бөлүнгөн. Корук режиминдеги зона 10761,9 га, экалогиялык турукташтыруу зонасы 4383,6 га, туристик жана рекреациялык иш зонасы 3053,2 га, чектелген чарбалык иштин зонасы 12297,8 га, токой баскан жерлер 2364,9 га, суу баспаган айдоо жерлер 2368,3 га, жайыт жерлер 7987,5 га жана мөңгүлөр 1126,0 гектарды түзөт.

2024-жылдын 1-кварталына жылдык иш пландары даярдалып, ар бир кызматкери жылдык календарын бекитишип, бекитилген графиктин негизинде парктын аймагына постко тынымсыз көзөмөл кылып келишет.

Биотехникалык иш-чаралар боюнча парктын аймагына январь-февраль айларында жапайы жан-жаныбарларга жем салуу, туз салуу иштери толугу менен аткарылып, канаттууларга 15 даана уялар жасалып 9 даанасы №5 обходунун согонду аймагына илинген. 2025-жылдын январь-февраль-март айларында Кабак аймагына экокоридорду алкагында мыйзамсыз иштерди болтурбоо максатында парктын кызматкерлери тарабынан түнкүсүн рейд жүргүзүлүп, “Кан-Ачуу” МЖПнын кызматкерлери тарабынан №5 обходтун “Согонду” аймагына фото капкандар орнотулуп, дрон менен обходтор көзөмөлгө алынган.

Эколгия жана биз деген теманын негизинде 04.03.2025-жылы №6 Бирдик орто мектебине “Экологиялык” билим берүү иш-чаралары өткөрүлүп, мындан сырткары “Экологиялык билимдерди жогорулатуу” деген теманын негизинде “Акыл ордо” интеллектуалдык таймаш уюштурулган. “Кан-Ачуу” мамлекеттик жаратылыш паркы «Германиянын табиятты коргоо союзу (NABU) коомдук уюмунун Кыргыз Республикасындагы филиалы NABU-Кыргызстан менен биргеликте экотуризмди өнүктүрүү максатында 3 даана “Экологиялык маданий борбор” куруу боюнча долбоор даярдалып азыркы учурда парктын административдик имаратынын жанына 1 даана экологиялык маданий борбору мындан сырткары парктын № 5-обходунун Эки-Чат аймагына 1 даана экологиялык маданий борбору курулган.

Жашыл мурастын алкагында парктын административдик имаратынын айланасына 40 даана сосна карагайы, 10 даана ак кайын жана андан сырткары егерлердин үйүнүн айланасына 30 түп терек көчөттөрү тигилген.

11. **Жерге жайгаштыруу, шаар курулуш жана архитектура маселелери боюнча:**

Жер ресурстары мамлекеттик агенттигинин Тогуз-Торо филиалынын 2025-жылдын 3 айына иш жүзүндө 1177,3 миң сомдук жумуш аткарылды.

Жер ресурстары мамлекеттик агенттигинин Тогуз-Торо филиалы боюнча, 2025-жыдын 3 айына 81 даана жер участогуна укуктарды күбөлөндүрүүчү документтер берилген. Анын ичинен жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө Мамлекеттик акт 61 даана, жер участогуна убактылуу пайдалануу укугуна күбөлүк 9 даана, жер участогуна (үлүшүнө) жеке менчик укугу жөнүндө күбөлүк 11 даана берилген.

Жерге жайгаштыруу боюнча берилген план тапшырма 2025-жылдын 3 айына 670,1 миң сомго аткарылган.

Каттоо бөлүмү боюнча берилген план тапшырма 2025-жылдын 3 айына 507,2 миң сомго аткарылган.

- Нотариалдык эмес күбөлөндүрүлгөн сатуу жана сатып алуу келишими боюнча иш жүзүндө аткарылганы 115,5 миң сомго аткарылган. Мыйзам чегинде мураскорго берилүүчү Нотариалдык күбөлүк каттоодон өткөнү жалпы 47 кыймылсыз мүлк, нотариалдык жана нотариалдык эмес күбөлөндүргөн белекке берүү келишими 28 ижара келишими боюнча 7 мүлк катталган.

**12. Экологиялык техникалык коопсуздук боюнча:**

2025-жылдын 1-кварталында аткарылган иштери боюнча Жалал-Абад региналдык башкармалыгынын №15-13/07 буйругунун негизинде Тогуз-Торо районунун аймагында мыйзамсыз балык улоолорго ыкчам рейддик иш чара жүргүзүлүп, Кыргыз Республикасынын Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамынын 4,5-25-беренелерине ылайык жана Кыргыз Республикасынын Атмосфералык абаны коргоо жөнүндөгү, Кыргыз Республикасынын Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндөгү мыйзамынын талаптарын аткаруу менен Экологиялык жана техникалык коопсуздукту сактоо максатында Тогуз-Торо районунун аймагындагы имараттарды жылытууда резина, пластик, синтетикалык калдыктарды жана тигүү цехтеринен чыккан кездеме калдыктарын күйгүзүп отко жакпоо боюнча райондун турундарына түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, эскертүү баракчалары башкармалыктын башкы инспектору тарабынан берилген. 1-квартал ичинде жалпы 42,5 миң сом административдик айып салынып, 37,0 миң сом өндүрүлгөн.

**13. Курулуш тармагы боюнча:**

Тогуз-Торо району боюнча 2025-жылдын I-кварталына карата 76344,9 миң сомдук курулуш иштери жүрүзүлдү, 2024-жылдын I-кварталына (11450,6 миң сом) салыштырмалуу 666,7 %га же 64894,3 миң сомго көп аткарылып, мунун ичинен;

Каргалык айыл өкмөтү боюнча 2025-жылдын I-кварталына карата 49344,9 миң сомдук курулуш иштери жүргүзүлүп, (2024-жылдын I-кварталына карата курулуш иштери жүргүзүлгөн эмес) анын ичинен төмөндөгүдөй курулуштар жүргүзүлгөн:

1. Казарман айылы менен Ленин айылынын ортосундагы таза суу чыгаруучу эски үч скважинаны ишке киргизүү, элди таза суу менен камсыз кылуу максатында, 2022-жылы Республикалык бюджеттен жалпы сметалык баасы 30450,8 миң сом акча каражаты каралып, Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгы (УКС) тарабынан мамлекеттик сатып алуулар боюнча конкурска жарыяланып, жыйынтыгында ОсОО “ИЗОЭЛ” 26100,0 миң сомго утуп алган. Алсак, 1-2-3 скважиалар тазаланып, электр энергия менен камсыз кылуу максатында 100 кВт тык подстация, ЭЦВ 8-40-150 кабели менен 27 кВт насос коюлуп, 3 даана щит приборлору коюлуп, 2,2 км. суу түтүкчөсү алмаштырылып тартылган. Бүгүнкү күндө объектини куруу иштери бүткөрүлүп тоо үстүндөгү борбордук

резервуарга  кошулду жана Жалал-Абад областтык курулуш башкармалыгы тарабынан 2025-жылдын 4-апрель күнү кабыл алуу, өткөрүү иштери жүргүзүлдү. Азыркы учурда Казарман айылындагы 545 түтүнгө жана Ленин айылындагы 130 түтүнгө, жалпы 675 түтүн элге таза суу берилүүдө. Райондук санэпид көзөмөлдөө борбору тарабынан суунун үлгүсү алынып ичүүгө жарактуу экени аныкталган.

2. №2 А.Абдраимов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин ашканасынын курулушунун өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджеттен 658,7 миң сом, АРИС эл аралык уюмунан 9441,4 миң сом жалпы 10100,1 миң сом каржыланып, курулуштун 100% бүткөрүлдү, пайдаланууга берүү алдында турат.

3. Кара-Суу айылындагы тигүүчү цехинин өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджет 361,9 миң сом, АРИС эл аралык уюму 5719,4 миң сом, жалпы 6081,3 миң сом каржыланып, курулуштун 100% бүткөрүлдү, пайдаланууга берүү алдында турат.

4. Казарман айылындагы Туунун айланасына сквер курууга карата жергиликтүү бюджеттен 3623,9 миң сом каржыланып, курулуш иштери жүргүзүлүүдө 80% аткарылып 2025-жылдын майынын аягына чейин бүткөрүү пландалууда.

5. Казарман айылындагы Тоголок Молдо жана Кожалиев көчөлөрүнүн кесилишиндеги сквердин курулушуна жергиликтүү бюджеттен 2499,7 миң сом каржыланып, курулуш иштери жүргүзүлүүдө 90% аткарылып 2025-жылдын майынын аягына чейин бүткөрүү пландалууда.

6. Чет-Булак айылындагы хоккей аянтчасын курууга карата жергиликтүү бюджеттен 940,0 миң сом каржыланып, курулуш иштери жүргүзүлүүдө 80% аткарылып 2025-жылдын майынын аягына чейин бүткөрүү пландалууда.

Атай айыл өкмөтү боюнча 2025-жылдын 1-кварталына карата 27000,0 миң сомдук курулуш иштери жүргүзүлүп, (2024-жылдын I-кварталына карата курулуш иштери жүргүзүлгөн эмес)  анын ичинен төмөндөгүдөй курулуштар жүргүзүлгөн:

1. Атай айылындагы “Жеткинчек” балдар бакчасынын курулушунун сметалык баасы 62 543,2 миң сомду түзөт. “Изоэл” ЖЧКсы тарабынан курулуш иштери жүргүзүлүп, Бүгүнкү күндө биринчи, экинчи кабатынын дубалы тургузулуп бүткөрүлгөн, плиталарын коюлуп, экинчи кабатынын дубалына чейин бүткөрүлүп,  бүгүнкү күндө  сейсмопояс жана коллона, ригелдери куюлуп, калган курулуш иштери улантылууда.

2. Арал айылындагы Айзирек бала-бакчасынын курулушу Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгы жана «СПиСОК-Кайынды» кооперативинин ортосунда 2023-жылдын 26-декабрындагы №101 сандуу эки тараптуу келишимдин негизинде башталган. Подряддык уюм «СПиСОК Кайыңды» кооперативи тендерден 41003,9 миң сомго утуп алган. “Айзирек”бала бакчасынын курулушу 2023-жылы башталып 500,0 миң сом акча каражаты бөлүнгөн жана котлованы  казылган, башка курулуш иштери жүргүзүлгөн эмес. Жогоруда «СПиСОК Кайыңды» кооперативи менен Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгынын ортосундагы  түзүлгөн келишим 2024-жылы жокко чыгарылып, кайрадан тендерге коюлуп “Эрмек-Юг-ЛТД” ЖЧКсы утуп алган. Быйылкы жылы курулушун улантуу үчүн Жалал-Абад областтык капиталдык курулуш башкармалыгы тарабынан  “Капиталдык салымдар беренеси” боюнча 6000,0 миң сом акча каражаты менен планга бекитилген. Учурда аталган куруучу компания тарабынан бала бакчанын котлованы казылып, пайдубалы түптөлүп, биринчи кабатынын дубалы тургузулууда.

Тогуз-Торо айыл өкмөтү боюнча 2025-жылдын I-кварталына карата курулуш иштери жүргүзүлгөн эмес (салыштырмалуу, 2024-жылдын I-кварталында 1375,0 миң сомдук курулуш иштери жүргүзүлгөн).

## 14. <u>Электр энергия тармагы боюнча:</u>

Тогуз-Торо району боюнча, 2025-жылдын 1-кварталына карата, электр энергиясына болгон лимит 24467,1 миң квт/саат бекитилген болсо, иш жүзүндө 24707,5 миң квт/саат электр энергиясы пайдаланылып, ашыкча 240,4 миң квт/саат же болбосо 0,9 % электр

энергиясы ашыкча пайдаланылган.   Ал эми электр энергияга болгон товардык продукция 70663,4 миң сомду түзүп, иш жүзүндө 70837,6  миң сом чогултулуп 100,2 % ды түзгөн.

Райондук электр тармактар ишканасынын дебитордук карызы 01.04.2025-жылга карата жалпы 233,0 мин сом, анын ичинен   мекеме-ишканалар жана кичи ишканалар 26,4 мин сом,  элдики 206,4 миң сомду түзүп, ал эми жалпы жоготуу 2025-жылдын 1-кварталына карата жалпы жоготуу план 10,6% берилген болсо, иш жүзүндө 8,9% ды түзүп 1,7%га аз жоготуу болгон.

Мекеме райондун аймагындагы 162 даана ар кандай кубаттуулуктагы комплекстүү трансформатордук подстанцияларды, 4,2  чакырымдагы аба чубалгыларды тейлеп келишүүдө. 2025-жылдын 1-кварталында электр жабдыктарын оңдоого план 57,9 миң сом берилген болсо, иш жүзүндө 57,9 миң сомдук жумуштар жасалып, аткаруу 100,0 %ды жана техникалык тейлөө жумуштарынын көлөмү 404,3 миң сомго бекитилсе, иш жүзүндө 404,3 миң сомго аткарылган. Алсак, КТП техникалык тейлөөдөн өткөрүү план 24 даана бекитилген болсо, аткаруу 100,0 %га, АЧ 10 кВ оңдоого план 17,6 км. бекитилген болсо, аткаруу 100,0 %га аткарылган.

## 15. “Кыргызтелеком” байланыш тармагы боюнча:

«Кыргызтелеком» ААКнун  Тогуз - Торо райондук  бөлүмү райондун борборунда телефон  байланыш  кызматтын  алып бара турган 640 номерлуу сандык станциясы, 1000 номерлүү  CDMA-450 маркасындагы  зымы жок телефон станциясы  иштейт. Бүгүнкү күндө 241 абонентке телефон кызматкөрсөтүлөт, мунун ичинен; 216  номер  мекеме ишканада,  61 номер калк кызматында. Мындан сыркары 396 кардарды интернет кызматы менен камсыз кылат, мунун  ичинен; 208 калкка, 188 мекеме ишканага коюлган. Жылдык  планда көрсөтүлгөн иш чарага ылайык  көчөлөрдөгү телефон кабелдерин оңдоо-түзөө иштери жүргүзүлгөндүктөн, райондогу  калкка  кызмат  көрсөтүүдө   чексиз “JET”  интернет байланышы  жыл башынан бери 48 абонентке телефон  байланыш  кызматы, ал эми 2 абонентке интернет жана  телефон точкалары коюлган. Интернет  кызматы  менен катар районго Интерактивдүү  телевидение  (IPTV) ZOR  TV +JET ишке  кирип,  бүгүнкү күндө 35  абонент пайдаланып жатат. Интернет кызматын  коюу  боюнча  берилген  план 40 абонент болсо,  48 абонентке коюлуп, план тапшырма ашыгы менен аткарылган.

**Мекеменин 2024-жылдын 1-кварталына карата**
**негизги-экономикалык  көрсөткүчтөрү :**

| Аталышы | 2024-жыл 1 квартал ичинде | | аткарылышы | |
|---|---|---|---|---|
| | план | Факт | сом | % |
| Киреше | 1283,8 | 1134,1 | -149,7 | 88,3 |
| Чыгаша | 1495,6 | 1218,9 | -276,7 | 81,5 |
| Пайда | -211,8 | -84,8 | -127,0 | 40,0 |

2024-жылдын 1-кварталында план  1283,8 мин сом берилген болсо, иш-жүзүндө 1134,1 мин сомду түзүп, берилген план тапшырма 88,3 %га аткарылган, же болбосо 149,7 мин сомго аз болгон.

Жалпы дебитордук карызы 2024-жылдын 1-апрелине 55,7 миң сом, мунун ичинен калктыкы 7,4 мекеме  ишканалардыкы   48,3 миң  сомду  түзөт.

2024-жылдын  1-январына карата 42,0  миң  сомду  түзсө , 2024-жылдын 1-апрелине карата 13,7 миң сомго  дебитордук  карыз  жогорулаган. (42,0-55,7=13,7). Кредитордук карыз: эмгек акы  жана  салыктын төлөмүнөн карыз жок. РЭС мекесине электр энергиясына   карыз жок . Көрсөткүчтөгү өсүп кеткен же мөөнөтүнөн өтүп кеткен дебитордук карыз  бүгүнкү  күндө мурдагы Комхоз  мекемесинин  18914 (он сегиз миң тогуз жүз он  төрт мин)  сомдук карызы калдык болуп жылдан-жылга өндүрүлбөй келүүдө.

### 16. Жол тармагы №18 Жол тейлөө мекемеси боюнча:

| № | Жумуштун түрү | План (миң сом) | Аткарылышы (миң сом) | % |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кышкы күтүү | 4400,0 | 4105,1 | 93,2 |
| 2 | Учурдагы оңдоо | 1700,0 | 205,8 | 12,1 |
| 3 | Жайкы күтүү | 400,0 | 99,1 | 24,7 |
| 4 | Орто оңдоо | 15000,0 | 0 | 0,0 |
| 5 | Түндүк-Түштүк альтернативдүү авто жолун ремонттоо | 5000,0 | 0 | 0,0 |
| 6 | Авариялык кооптуу аймактар жоюу | 1000,0 | | |
| 7 | Табигый кырсыктар | 0 | 3147,4 | - |
| | **Баарыдыгы:** | 27500,0 | 7557,4 | 27,4 |

**Кышкы күтүү боюнча** жалпы 4105,1 миң сомдук жумуштар аткарылган. Баардыгы болуп 272- чакырым унаа жол жааган кардан, кар күрткүдөн тазаланды. Андан сырткары тайгакка каршы инерттик материалдар 2024-2025 күз-кыш мегилине 1300 тн. даярдалды жана 2025-жылдын январь айынан бугүнкү күнгө чейин жалпы 738.9 м2 унаа жолго тайгакка каршы инерттик материал себилди. Март айында күндүн жылышы менен карлар ээрип жол менен агып жаткан сууларды буруу иштери Казарман-Акталчат, Казарман-Жалал-Абад, Бирдик-Арал-Карл-Маркс унаа жолдорунда жүргүзүлдү.

**Табигый кырсыктар боюнча 3147,4** мин сомдук жумуштар аткарылды. Түндүк-Түштүк альтернативдик автоунаа жолунун 296-243 чакырым аралыгында 3-ай ичинде жалпы 10177 м3 таш көчкү түшүп 2-даана мехпогрузчик 3 даана хово менен тазалоо иштери аткарылды, мындан сырткары аталган унаа жолго тоо бетинен күнүгө таштар кулап түшүп жол жумушчулардын кол күчү менен шыпырылып өз убагында тазаланууда. Казарман-Бишкек-Нарын авто жол каттамы үзгүлтүксүз толук берилип турду.

**Учурдагы оңдоо 205,8** миң сомдук жумуштар аткарылды. Казарман-Акталчат, Бирдик-Арал-Карл-Маркс, Киров-Өрнөк-Дөдөмөл унаа жолдору жалпы 47 чакырым автогрейдер менен тегизделип тартылды жана унаа жолдун эки чекесиндеги арыкчалары (кювет) калыбына келтирилди. Андан сырткары унаа жолдордогу ар кандай таштандылары терилип тазаланды.

**Жайкы күтүү жумуштарына 99,1** миң сомдук жумуш аткарылды. Казарман-Акталчат унаа жолунун 0-30 чакырым аралыгына чейин унаа жолго тоскоолдук жаратылган бак-дарактарды буталды. Түндүк-Түштүк альтернативдик унаа жолунун 296-288 чакырым аралыктарында унаа жолго тоскоолдук жаратылган бак-дарактар буталып жана эстакадалык көпүрөлөргө жана көпүрөнүн жөө адамдар өтүүчү бөлүктөрүн (пешеход), аялдамалардын айланасын кыш айларында тайгака каршы чачылган инерттик материалдардын калдыктарын шыпырып тазалоо иштери жүргүзүлдү.

### 17. Тогуз-Торо районунун шаар курулуш жана архитектура башкармалыгы боюнча:

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги тарабынан Тогуз-Торо районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгына 2025-жылдын I-кварталына карата каржы планы 740,0 миң сомго бекитилип, иш жүзүндө 552,0 миң сомго же 75 %га аткарылып, төмөндөгүдөй корутундулар берилген.

- Архитектуралык шаар куруу корутундусу (АШКК) 20 даана,
- Архитектуралык техникалык корутунду (АТК) 5 даана,

- Имараттын колдону багытын жана планын өзгөртүү 1 даана,
- Жеңил типтеги курулмалар 1 даана,
- Жеке турак жай куруу үчүн жер аянтын бөлүп берүү 12 даана,
- Долбоордук документтерди макулдашуу 8  даана,
- Долбоордук документтер  8  даана,
- Кызыл сызыкка чыгып кеткен 28 жарандын кызыл сызыктары көрсөтүлүп берилди.

## 18. Кылмыштуулукту алдын алууда, катталган кылмыштардын бетин ачуу жана коомдун, жарандардын коопсуздугун камсыздоо

Тогуз-Торо райондук ички иштер бөлүмүнүн өздүк курамы кылмыштуулуктун алдын алууда, катталган кылмыштардын бетин ачууда жана коомдун, жарандардын коопсуздугун камсыздоодо, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун, Кыргыз Республикасынын ИИМнин буйруктарын аткаруу менен 2025-жылдын 1-кварталында райондун аймагында жалпы криминогендик кырдаал жана коомдук саясий абал туруктуулугу камсыз кылынды.

**Тергөө кызматынын**

- 20 кылмыш иши сотко чейинки өндүрүш иш калдык болуп өттү (2024-ж. 9).
- МЭЖге 24 материал катталган (2024-ж 24).
- МЭЖге 1 материал бириктирилген (2024-ж 0)
- Башка органдар тарабынан 1 кылмыш иши кабыл алынган (2024-ж 0)
- Кылмыштар бирдиктүү реестрине 9 кылмыш иши катталган(2024-ж 2).
- Райондук прокуратура тарабынан кылмыш ишти кыскартуу токтому бузулуп жана мурда токтотуу чечими келген жок (2024-ж 0).
- 22 материал боюнча кылмыш иши козгоодон баш тартту чечими кабыл алынып, анын ичинен 4 материалЕРНге жөнөтүлгөн (2024-ж 20)
- Райондук прокуратура тарабынан кылмыштын кыскартуу токтому бузулган материал 8 (2024-ж 4).
- Тергөө тарабынан 1 кылмыш иши токтому кайра жандандырылган (2024-ж 1).
- Соттун кароосуна 5 кылмыш иши жиберилген (2024-ж 2).
- Тергөө кызматкерлери тарабынан КР КЖПКнин 96-беренесинин негизинде 3 жаран каммака алынган (2024-ж 0).
- КР КЖПКнин 246-беренесинин 1-бөл., 3-п., негизинде 6 өндүрүштөн кылмыш иши убактылуу токтотулган (2024-ж 0).
- Өндүрүштө 4 материал калган (2024-ж 2).
- Башка органдардан 1 материал түшкөн (2024-ж 1).

Тогуз-Торо РИИБдин МАЫӨ кызматкерлери тарабынан **2021-жылдын 28-октябры № 128  Укук бузуу Кодексинин негизинде** жалпы **61 (2024-ж 52) п**ротокол түзүлүп, **53000 (2024-ж 29000)** сом айып пул салынып, анын ичинен **18200 (2024-ж 16100)** сом акча каражаты өндүрүлгөн

**Милициянын көчмө кабылдамасы боюнча:**

Элге сервистик тейлөө көрсөтүү максатында Тогуз-Торо районунун аймагында 1 Милициянын көчмө кабылдамасы бар жана мамлекеттик администрациялары башчылары тарабынан бекитилген графиктин негизинде иш жүргүзүлүүдө.

Кыргыз Республикасынын ИИОнун Милициянын көчмө кабылдамаларынын уюштуруу жөнүндө Кыргыз Республикасында ИИМдин 08.04.2022-жылдагы №283 талаптарын аткаруу, калктын ИИОго ишеним деңгээлин жогорулатууга көмөк көрсөтүү, милиция менен коомчулуктун ортосунда ишенимдүү байланышты түзүүнү уюштуруу максатында 3 ай ичинде 2 телефонограмма аткарууга алынган.

2025-жылдын 3 ай ичинде Милициянын **көчмө кабылдамасы** тарабынан төмөндөгү иштер жүргүзлдү:

Айыл аймактарга чыгуунун жалпы саны 20/29 (2024-ж-9), кайрылган жарандардын саны 15/16(2024-ж -1), анын ичинен 13/13 жаранга ар кандай юридикалык кеңештер берилген.

**Экстремизмге, мыйзамсыз миграцияга каршы күрөшүү боюнча:**

Тогуз-Торо РИИБдин МАЫӨ, ЭММКАКнын кызматкерлери тарабынан райондун элинин көйгөйлүү маселелерин ордунан чечуу максатында милициянын кечме кабылдама менен 2025-жыл 3 айы ичинде 3-жолу уюштуруу иш-чаралары өткөрүлүп 1 жаран кайрылып, жаранга ар кандай юридикалык жардамдар берилген.

Тогуз-Торо РИИБдин МАЫӨ, ЖЖЭИ, ЭММКАК жана билим берүү бөлүмү менен биргеликте мектеп окуучулары арасында диний экстремизм, терроризм багытында ошондой эле суицид, эрте никеге туруу маселелер боюнча 2025-жылдын 3 айы ичинде 3-жолу профилактикалык түшүндүрүү иш чарасы жүргүзүлгөн.

РИИБдин ЭММКАК кызматынын профилактикалык каттоосунда турган "Йакын-Инкар" агымын кармаган 8-жаранга жана "Христиан Баптист" уюмундагы 7-жаран каттоодо турат. Жогорудагы каттоодо турган адамдар тарабынан кылмыштарды жасоосун алдын алуу максатында райондун башкы имам хатиби менен биргеликте 1 жолу профилактикалык түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Район аймагында 15 мечит жайгашкан анын ичинен 14 уруксат кагаздары толук бүткөн, 8 намазкана. Ошондой эле 14 мечитке 13 адам имамдыка берилген, алардын ичинен 4 имам жогорку билимдүү, 7 орто билимдүү, 2 атайын дин багытындагы билимдери жок.

2025-жылдын март айында карата "Нелегал" аталыштагы ыкчам алдын алуу ишчаранын жүрүшүндө Темир жол салууга келип жаткан 15 КЭР жарандарынын өздүгүн тастыктоочу документтерин жана каттоо баракчалары текшерилип, мыйзам бузуучулук аныкталган жок.

ЭММКАК кызматкери тарабынан 2 кылмыштын бети ачылган. 2 кылмыш тең соттук кароого жөнөтүлгөн.

**Жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу багытында:** райондо жол кырсыгын болтурбоо жана алдын алуу максатында 2025-жылдын 3 айы ичинде ЖКККТү тарабынан жол эрежесин бузган 219 *(2024-ж. 100 айдоочу)+119* айдоочуга Бузуулар кодекси боюнча протоколдор толтурулуп, Бузуулар бирдиктүү реестрине катталган. Анын ичинен спирттик ичимдик ичип мас абалда автоунаа башкарган айдоочулар 5 *(2024-ж. 5 айдоочу)* катталып, административдик протокол толтурулган.

2025-жылдын 3 ай ичинде 1 жол кырсыгы катталган адамдар денесинен жаракат алган эмес. Жол көзөмөлдөө багытында ДЭУ-18 мекемеси жана айыл өкмөт башчыларына 5 жолу сунуштар берилген. Ошондой эле жаш өспүрүмдөр арасында жол кырсыгын болтурбоо жана алдын алуу боюнча 10 жолу профилактикалык иштер жүргүзүлүп, орто мектептерде лекциялар окулган.

Жүргүнчүлөрдү ташууда алардын ден-соолугуна кам көрүү, жол кырсыктарын алдын алуу боюнча Казарман автобекетинде Казарман-Бишкек жол каттамындагы айдоочуларга 15 жолу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Бүгүнкү күндө райондун аймагында жол коопсуздугун камсыз кылуу жагына көзөмөлдөөнү күчөтүп, атайын рейдтер уюштурулууда.

Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынын 14.07.2023-жылдагы №221-б буйругу менен Райондун аймагында мал уурулуктун алдын-алуу, айылдык аймактардан мал сатууга уруксатсыз тактамаларды албай мал сатуучуларды көзөмөлдөп айыл тургундарына түшүндүрүү иштери тиешелүү мамлекеттик органдар менен биргеликте жургүзүлдү..

**19. Тогуз-Торо району боюнча өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн 2025-жылдын 1-кварталында аткарылган иштер боюнча маалымат.**

**2025-жылдын 1-кварталында ыкчам даярдыкты уюштуруу маселелери боюнча аткарылган иш-чаралар:**

Тогуз-Торо районунун Жарандык коргонуусунун ыкчам даярдыгы боюнча КР ӨКМнин Жалал - Абад облусу боюнча башкармалыгынын 2025-жылдын негизги иш-чаралары мерчеминин, райондук ЖКнун ыкчам даярдоо иш-чараларынын негизинде, өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана кесепеттерин жоюу багытында иштер аткарылууда.

Отчеттук мезгилде өткөрүлгөн иш-чаралар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-июлундагы № 435 "Кыргыз Республикасынын жалпы пайдаланылуудагы унаа жолдорунда кар көчкүлөрдүн, жер көчкүлөрдүн түшүүсүн, башка жылышуу процесстерин алдын алуу жана алардын кесепеттерин жоюу боюнча туруктуу иштөөчү штабды түзүү жөнүндө" токтомдун негизинде жана Жарандык коргонуунун Ведомстволор аралык комиссиянын протоколун ишке ашыруу боюнча иш-чара талаптарын аткарууга багытталды.

**КР ӨКМнин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын Тогуз-Торо райондук бөлүмү тарабынан 2025-жылдын 1-кварталында өткөрүлгөн негизги иш-чараларынын маалыматы (окуу, машыгуулар, текшерүүлөр).**

| № | Окуулар, машыгуулар, текшерүүлөрдүн аталыштары | 2025-жыл 3 ай ичинде өткөрүлгөнү |
|---|---|---|
| 1. | **Штабдык машыгуу:** | 2 |
| 2. | **Командалык штабдык машыгуу:** | 1 |
| 3. | **Атайын машыгуу** | 2 |
| 4. | **Өрттүк тактикалык машыгуу** | 4 |
| 5. | **ЖК абалын баалоо (мекеме)** | - |
| 6. | **ЖК абалын баалоо (а/а)** | - |
| 7. | **Объектинин ЖК абалын баалоо** | - |
| | **Бардыгы** | **10** |

- Республикалык денгээлдеги даярдык иш-мерчеминин негизинде 1 жолу штабдык машыгуу болуп өттү.

**Калкты жана аймакты коргоо боюнча аткарылган иш-чаралар**

Жаз-жай айларында сел,суу ташкындарын уюшкандыкта өткөрүү максатында ӨКБү тарабынан эскертүүлөр берилип, Тогуз-Торо районунун аймагында жалпы **27100** метр сел, суугат, ички арык каналдар айыл өкмөттөр жана суу чарба башкармалыгы тарабынан тазаланды.

**Жарандарды окутуу иш-чаралары:**

КР ӨКМнин 2015-жылдын 28-сентябрындагы "Жарандык коргонуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан калкты окутуу иш-чараларын пландаштыруу боюнча методикалык нускаманы бекитүү жөнүндө" № 2 буйругун жана КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 21-ноябрындагы №780 токтомунун негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук жардам көрсөтүү үчүн, ошондой эле калкты табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдар учурунда иш аракеттерин окутуп үйрөтүү максатында орто мектептерде жергиликтүү жарандарга **жалпы 851 жаранга** түшүндүрүү, үйрөтүү жана окутуу иштери жүргүзүлдү.

**Аларды бөлүп айта турган болсок:**

- КР ӨКМнин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын 09.01.2020-жылдын № 2 буйругунун негизинде ӨКМнин Тогуз-Торо райондук бөлүмдүн кызматкерлери мектептерде өзгөчө кырдаалдар жана акыркы күндөрү көп катталып жаткан өзгөчө

кырдаалдар боюнча 1 сааттык сабактар, лекция түрүндө өткөрүлүп, район боюнча **704 окуучуга, иштеген 97 адамга, иштебеген 0 адамга, алардын ичиненен эркектер 44 ал эми 53 аялга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.**

- Ал эми, райондук өрт өчүрүү-куткаруу бөлүмү тарабынан чарбалык объектилердин кызматкерлерине 113 жолу (жалпы **1235** атуулдун катышуусунда) лекция жана 1121 жолу (жалпы – 4012 атуулга) өрт коопсуздук чаралары жөнүндө инструктаждар өтүлүп, турак-жай секторунда көп катталуучу өрт кырсыктарын алдын алуу максатында жалпы **1534 жолу 2374** атуулдун катышуусунда турак-жай секторундагы өрт коопсуздук чаралары жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

**2025-жылга "Атайын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу" иш мерчеми боюнча аткарылган объектилер.**

2025-жылга "Атайын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу" иш мерчеми боюнча объектилер сунушталган эмес "ӨКга атайын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу" боюнча каралган акча каражатынан Каргалык айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан Тогуз-Торо өнүктүрүү фонду мекемесине "Чарабай" каналынын "Водхоз" тилкесинин Жоров көчөсүнө жана Ж.Акимбаев көчөсүнө сыйымдуулугу жогору болгон эки даана көпүрө куруучага долбоор сунушталып, долбоор жактырылган. 2025-жылдын апрель айында 2 (эки) көпүрөгө 1 222 656 сом жумшалып бүткөрүлдү.

**Тогуз-Торо районунда катталган Өзгөчө кырдаалдар боюнча маалымат:**

- Жеке турак үйгө келтирилген мат. зыян 1 736 722 сом.

| |
|---|
| **2025- жылдын 1-кварталында** райондун аймагында 4 жолу өрт кырсыгы катталды. |
| **Жаратылыштык мүнөздө**: өрт кырсыгы- 4, урап түшүү-0, түтүнгө ууулануу-0, кар көчкү-0, сууга чөгүү- 0, жер көчкү-0, шамал – 0 , сел ташкыны-0, күйдүргү-0. |
| **Социалдык биологиялык мүнөздө**: 0. |
| табигый жана техногендик мүнөздүгү өзгөчө кырдаалдын кесепетинен – каза болгон адам жок. |
| Сел ташкындын чыгымы –0 сом;<br>Жер көчкүнүн чыгымы - 0 сом;<br>Кар көчкү – **0** сом;<br>Өрттүн чыгымы – 1 991 711 сом; |
| **Техногендик мүнөздө:** 0. |
| Табигый мүнөздүгү өзгөчө кырдаал **.** |

- Тоют чөптөргө (мал сарайларга) келтирилген мат.зыян 183 782 сом.
- Транспорт каражаттарынан келтирилген мат.зыян 71 207 сом

Мындан сырткары өрт өчүрүүчү куткаруучулардын ыкчам аракеттеринен 5 405 000 сомдон ашуун материалдык баалуулуктар сакталып калынды.

## 20. <u>Турак-жайларды милдеттүү камсыздандыруу боюнча:</u>

Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынын коллегиясынын 31.01.2025-жылдагы "Тогуз-Торо районунун 2024-жылдын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн абалы жана 2025-жылга карата милдеттери тууралуу" №1-кт токтомунун 29-пунктуна ылайык, Айыл өкмөт башчыларына жана мекеме жетекчилерине турак-жай фондун камсыздандыруу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары муниципалдык менчикте турган мектеп, бала бакчалардын жана мекеменин административдик кеңсе имараттарын 2025-жылдын 1-апрелине чейин камсыздандыруудан өткөрүү жагы белгиленген. Бүгүнкү күндө, райондук социалдык фонду, соцалдык өнүгүү башкармалыгы, суу чарба башкармалыгы, санэпид көзмөлдөө борбору, спорт мектеби, "Кан-Ачуу" МЖП, райондук электр тармактар ишканасы

имараттары, кызматтык унаалары жана айыл өкмөтүнүн административдик имараттары камсыздардырылган. Ал эми, калган мекеме-ишканалардын кызматтык унаасы, имараты жана айыл өкмөттөрдүн балансындагы мектеп бала бакчарлардын имараттары камсыздандыруудан өткөрүлө элек.

Ал эми, жеке турак жайлар боюнча төмөндөгүчө:

| № | Айыл өкмөттөр | Жалпы турак жай | План 30% | Камсыз-дандырылды | | | % пайыз | | Калдык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2024 | 2025 | + - | 2024 | 2025 | |
| 1 | Атай | 1061 | 425 | 45 | 65 | +20 | 4,2 | 6,1 | 360 |
| 2 | Тогуз-Торо | 962 | 385 | 12 | 57 | +45 | 1,2 | 5,9 | 328 |
| 3 | Каргалык | 2577 | 1002 | 85 | 256 | +171 | 3,2 | 10,2 | 746 |
| | Район боюнча жалпы | 4600 | 1812 | 142 | 378 | +236 | 3,0 | 8,3 | 1434 |

**21. Тогуз-Торо районунун 2025-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүү иш планынын аткарылышы**

Тогуз-Торо районунун 2025-жылга карата социалдык-экономикалык өнүгүү иш планы 2025-жылдын 14-январында Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү тарабынан 4 багыттан жана 35 бөлүктөн турган иш-чаралар планы бекитилип айыл аймактардын айыл өкмөтүнүн башчыларына жана мекеме-ишканаларына Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 20-январындагы чыгыш 01-16/245 сандуу каты менен аткарууга жөнөтүлгөн.

Бекитилген иш-чара пландарынын ичинен 2025-жылдын 1-кварталында аткарылуучу 4 пункту каралып, мунун ичинен 1 пункту аткарууга алынган эмес. Булар:

- Аткарылгандар:
  - Айыл чарбасында , туризмде жана калдыктарды кайра иштетүүдө жашыл технологиялар боюнча тренинг уюштуруу;
  - Райондук деңгээлде окуучулар аралык мелдештерди өткөрүү;
  - “Муз үстүндө коньки тебүү” жарышын уюштуруу.
- Аткарылбаганы:
  - Тогуз-Торо районундагы мекеме-ишканалар жана ишкерлер арасында кичи футбол лигасын уюштуруп өткөрүү – аткаруучу спорт инструктор.

Ал эми 2025-жылдын 1-кварталында иш аракеттер башталып жыл ичинде аткарыла тургандар 14 пункт. Буларды ишке ашыруу аракеттер көрүлүүдө жана жетишээрлик деңгээлде иш жүрбөй жаткандары төмөнкүлөр:

- “Бугу-Марал” эс алуу жайынан 5 баш бугу-марал жаныбарын “Кан-Ачуу” мамлекеттик жаратылыш паркына өткөрүп алуу – аткаруучу “Кан-Ачуу” мамлекеттик жаратылыш паркы;
- “Аракет” аталышындагы реабилитациялык борборунун жаңы имаратынын курулушун бүткөрүү – аткаруучу Каргалык айыл өкмөтү;
- Дөдөмөл айылындагы ҮДТнын жаны имаратынын курулушун куруу - аткаруучу Тогуз-Торо айыл өкмөтү;
- Кош-Булак айылына ФАП куруу аткаруучу Тогуз-Торо айыл өкмөтү;
- Мамлекеттик жана муниципалдык объектилерди камсыздандыруу аракеттерин көрүп 100 %га жеткирүү – аткаруучулар айыл өкмөт башчылары жана мекеме-ишкана жетекчилери;
- Арал, Бирдик айылдарына таза суу чыгарууга ПСД даярдоо – аткруучу Атай айыл өкмөтү.

## 22. Аткаруучулук тартип боюнча

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн токтом, буйруктары жана жеке атуулдардан келип түшкөн арыздардын аткарылышы боюнча көзөмөл жүргүзүлүп, айрымдары райондук мекеме-ишканаларга жана айыл өкмөттөрүнө берилип, аткарылышы боюнча билдирүүлөр убагы менен алынып турулду.

Жогорудагы келип түшкөн иш кагаздар иш кагаздарды жүргүзүү электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу жүргүзүлүүдө.

2025-жыл 1-кварталынын ичинде райондук мамлекеттик администрациясына жогорку турган органдардан жана райондук мекеме-ишкана, айыл өкмөттөрүнөн жалпы 1929 нормативдик актылар жана ар кандай каттар, иш-чаралар киришгелип, 170 ички документ кабыл алынып, 2166 документ чыгыш болду.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 11 Жарлыгы, КР Министрлер Кабинетинин 39 токтому жана 41 тескемеси аткарууга алуу үчүн келип түшүп, убагы менен аткарылышы боюнча жооптору берилип турулду.

Кириш болгон документтердин ичинен 69 жарандардын арыздары.

Келип түшкөн арыздардын мазмуну боюнча алсак, Жер жана жер пайдалануу маселеси-10, Жумуш орду менен камсыз кылуу-5, Таза суу маселеси-1, Материалдык жактан жардам көрсөтүү-5, Турак-жай, коммуналдык чарба маселелери-8, Билим берүү маселелери-1, Саламаттык сактоо жана социалдык маселелери-2, ишкердик маселеси боюнча 1, ж.б.

Келип түшкөн 69 арыздын бардыгы көзөмөлгө коюлуп, баардыгы өз мөөнөтүндө аткарылып, анын ичинен 32 арыз канааттандырылып, 5 арыз жарым-жартылай чечилип, 22 арызга түшүндүрмө берилген.

Жогорудагы арыздардын ичинен 3 арыз райондук мамлекеттик администрациясынын буйругунун негизинде түзүлгөн комиссия курамы менен биргеликте чечилип, тиешелүү жооптору берилген.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндөгү” Мыйзамдын аткарылышы, жогорку органдардан келген иш кагаздарды аткаруу боюнча аткаруучулук тартипти, “InfoDocs” автоматташтырылган маалымат системасынын иштөө абалы, иш кагаздарынын аткарылышы боюнча текшерүү жүргүзүлүп, төмөнкүлөр аныкталды.

Айыл өкмөттөрү тарабынан жогорку органдардын нормативдик укуктук актыларын, тапшырмаларын жана “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндөгү” Мыйзамдын аткарылышы боюнча тийиштүү иштер жүргүзүлүүдө. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы №120 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында иш кагаздарды жүргүзүү боюнча типтүү нускама” жана Кыргыз Республикасынын “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндөгү” Мыйзамы колдонууда бар.

Айыл өкмөттөрү боюнча алсак:

**Каргалык айыл өкмөтү** тарабынан жалпы 1113 кат чыгышталып жөнөтүлгөн. Өндүрүштүк маанидеги 83 буйрук, 33 токтом чыгарылган. Ал эми кадрлар боюнча 10 жана иш сапары боюнча 18 буйрук чыгарылган. Чыгарылган буйруктар өз учурунда СЭДке киргизилбейт, тактап айтканда буйруктардын даталары делолор менен электрондук журналдарда дал келбейт.

Жогору жактан жана райондук мамлекеттик администрациясынан, мекеме-ишканалардан барган жалпы 1113 иш кагазы кириштелген. Мунун ичинен өз мөөнөтүндө аткарылганы 595, аткарууда 42, маалымат үчүн 348, ал эми 6 документ мөөнөтү өтүп аткарылган. Кириштелген документтер көзөмөлгө коюлбайт, болгону 2 документ көзөмөлгө коюлган.

2025-жылдын 1-кварталынын ичинде айыл өкмөтүнө жарандардан 75 арыз келип түшкөн. Келип түшкөн арыздар өз мөөнөтүндө аткарылган, мөөнөтү өтүп аткарылган арыздар жок.

**Тогуз-Торо айыл өкмөтү** тарабынан жалпы 1069 кат чыгышталып жөнөтүлгөн. Өндүрүштүк маанидеги 41 буйрук, кадрлар жана иш сапары боюнча 13 буйрук, 4 токтом чыгарылган.

Жогору жактан жана райондук мамлекеттик администрациясынан, мекеме-ишканалардан барган жалпы 866 иш кагазы кириштелген. Мунун ичинен өз мөөнөтүндө аткарылганы 600, аткарууда 71, маалымат үчүн 194, ал эми мөөнөтү өтүп аткарылган документтер жок. Кириштелген документтер көзөмөлгө коюлбайт, болгону 1 документ көзөмөлгө коюлган.

2025-жылдын 1-кварталынын ичинде айыл өкмөтүнө жарандардан 25 арыз келип түшкөн. Арыздар өз мөөнөтүндө аткарылып, жооптору берилип турат.

**Атай айыл өкмөтү** тарабынан жалпы 1020 кат чыгышталып жөнөтүлгөн. Өндүрүштүк маанидеги 46 буйрук, кадрлар боюнча 15 жана 8 токтом чыгарылган.

Жогору жактан жана райондук мамлекеттик администрациясынан, мекеме-ишканалардан барган жалпы 894 иш кагазы кириштелген. Мунун ичинен өз мөөнөтүндө аткарылганы 615, аткарууда 68, маалымат үчүн 221, ал эми мөөнөтү өтүп аткарылган документтер жок.

2025-жылдын 1-кварталынын ичинде айыл өкмөтүнө жарандардан 49 арыз келип түшкөн. Келип түшкөн арыздар өз мөөнөтүндө аткарылып, жооптору берилип турат. Мөөнөтү өтүп аткарылган арыздар жок.

Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынын 31.01.2025-жылдагы коллегиясынын "Тогуз-Торо районунун 2024-жылдын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн абалы жана 2025-жылга карата милдеттери тууралуу" №1-кт токтомун аткарууга алуу жана аткарылышы боюнча маалыматты ар бир айдын 1-числосуна жазуу түрүндө берип туруу жагы, райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 7-февралындагы №01-15/554 каты менен айыл өкмөт башчыларына жана мекеме-ишкана жетекчилерине тапшырылган.

Бирок жогоруда аталган коллегиянын токтомунун аткарылышы тууралуу маалыматты "Кан-Ачуу", "Саймалуу-Таш" мамлекеттик жаратылыш парктары, Кадастр, Архитектура, Суу чарбасы, Жалпы дарыгерлик тажрыйба борбору, РЭС, Телеком мекемелери бир дагы жолу жооп берген эмес, же тактап айтканда аткарууга алышкан эмес.

Мисалга алсак, **"Саймалуу-Таш" мамлекеттик жаратылыш паркынын директору А.Камбаралиевге жана "Кан-Ачуу" мамлекеттик жаратылыш паркынын директору А.Кожошовго:**

- материалдык базаны чыңдоо, туристтик объектилерге баруучу абалы начар жолдорду оңдоо, кыргыз, орус жана англис тилинде белгилерди орнотуу, туристтерди аттар менен үзгүлтүксүз камсыздоо;
- "Саймалуу-Таш" МЖПнын жана "Кан-Ачуу" МЖПнын аймагына туристтерди тартууга ыңгайлуу шарт түзүү максатында Rest Point борборлорун уюштуруу;
- "Саймалуу-Таш" жана "Кан-Ачуу" мамлекеттик жаратылыш парктары тарабынан туристтик маршруттарды жарнамалоо максатында видеороликтерди, буклет, каталогдорду даярдоо;
- туристтик агенттиктер, операторлор менен парктын туристтик потенциалын жогорулатуу, туристттик маршруттарын жарнамалоо жана туристтерди тартуу максатында кызматташууну уюштуруу;
- райондун туристтик потенциалын жогорулатуу жана туристтик инфраструктураны жакшыртуу максатында долбоорлорду жазуу жана инвестиция тартуу жагы милдеттендирилген.

**"Саймалуу-Таш" мамлекеттик жаратылыш паркынын директору А.Камбаралиевге:**

- 2025-жылдын 1-июлуна чейин туристтик объектилерди виртуалдаштыруу максатында 3D форматындагы виртуалдуу реалдуулук технологиясын киргизүү;

- парктын аймагында 3 даана эс алуучу навестерди орнотуу;

- парктын аймагында ат байлануучу жерлерди даярдоо;

- парктын туристик базасына электр энергиясын тартуу;

- парктын аймагындагы 200 метр жерди кашалоо;

- парктын Көк-Арт аймагында жашылдандыруу максатында газон себүү иштерин жүргүзүү жана 100 даана Тянь-Шань карагайларды отургузуу тапшырылган.

**“Кан-Ачуу” мамлекеттик жаратылыш паркынын директору А. Кожошовго:**

- “Кан-Ачуу” мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагына 2025-жылдын 1-августуна чейин районго бөлүнүп берилген бугу-маралдарды районго алып келүү;

- парктын аймагына этно борборлорду куруу;

- 2025-жылдын 19-20-июнунда “Кан-Ачуу” мамлекеттик жаратылыш паркынын “Көл-Камыш” участкасында өткөрүлө турган “Райондун туризм сезонунун ачылышы-2025” иш-чарасына алдын ала даярдык көрүү иштерин жүргүзүү милдеттендирилген.

**А.Жакишов атындагы жалпы дарыгерлик тажрыйба борборунун директору Д.Абдылдаевага:**

- райондо жетишпеген медициналык жогорку билимдүү кадрлар менен камсыз кылуу жана дарыгерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча ыкчам иштерди алып баруу;

- ымыркай балдардын өлүмүн алдын алуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иш-чараларды күчөтүү, ымыркайлардын өлүмүн алдын алуу максатында калкка көрсөтүлүүчү медициналык кызматтын сапатын жогорулатуу, соц тармактарга бул багытта видеороликтерди жарыялоо;

- балдардын жана энелердин өлүмүн алдын алуу максатында энелердин, кош бойлуу аялдардын, алардын үй-бүлөсүнүн жана жалпы калк арасында коопсуз энелик боюнча түшүндүрүү иштерин күчөтүү;

- ооруkананы жана ҮДТ, ФАПтарды дары-дармек жана медициналык багыттагы каражаттар менен өз убагында үзгүлтүксүз камсыз кылуу;

- жетекчиликтин жана бөлүм башчылардын менеджмент, кадрларды башкаруу, медициналык жардамдын сапатын башкаруу жана сапаттуу мониторинг жүргүзүү боюнча окуудан өтүүсүн камсыз кылуу;

- 2025-жылы Дөдөмөл ҮДТнун жана Кош-Булак ФАПтын жаңы имараттарынын курулушун ишке ашыруу максатында керектүү документтерин даярдоо, сметасын түзүү, каржы табуу, курулуш иштерин баштоо ж.б. боюнча өз учурунда иш алып баруу;

- А.Жакишов атындагы ЖДТБнын имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү багытында иштерди алып баруу милдеттендирилген.

**Тогуз-Торо райондук суу чарба башкармалыгынын башчысы А.Райымкуловко**:

- 2025-жылдын түшүмү үчүн сугат суу менен камсыздоо максатында каналдардын ремонт иштерин алдын ала жүргүзүү;

- “Өрнөк” каналын капиталдык ремонттон өткөрүү боюнча иштерди жүргүзүү;

- 2025-жылдын 1-июнуна чейин айыл аймактарындагы ички каналдарды суу чарба башкармалыгынын карамагына кабыл алуу боюнча иш алып баруу;

- “Кара-Талаа”, “Кайыңды” каналдарын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн 2025-жылдын титулдук тизмесине киргизүү боюнча иш аракеттерди жүргүзүү милдеттендирилген.

**Райондук электр тармактары мекемесинин башчысы Р.Жунусакуновго:**

- электр тармактарында кезексиз өчүрүүлөргө жол бербөө максатында электр аба чубалгыларын бак-дарактардан тазалоо, калктуу конуштардагы көмөкчү чордондорду, электр чубалгыларын даярдоо иштерин бүткөрүү, резервдик электр жабдуулар менен белгиленген өлчөмдө камсыздоо;

- электр энергиясын жана кубаттуулуктарды керектөө боюнча белгиленген лимиттерди аткаруу;

- электр энергиясын жана кубаттуулуктарды пайдалануу лимити ашып кеткен, негизги жабдууга күч келген, электр энергиясынын жана кубаттуулуктун тартыштыгын пайда болгон учурларда колдонуу үчүн электр тармактарына күч келүүнү жеңилдетүүнүн графиктерин иштеп чыгуу;

- 2025-жыл ичинде Атай айыл аймагынын Кызыл Октябрь айылына электр энергиясын тартуу;

- 2025-жыл ичинде райондун аймагындагы электр мамыларын алмаштырууну 2024-жылдын деңгээлинен төмөн түшүрбөө;

- кайтаруу максатында нөөмөттүк, архитектуралык, жарнамалык жана витриналык (авариялыктан тышкары) объектилерди жарыктандырууну өчүрүү боюнча иштерди алып баруу жагы милдеттендирилген.

**23. Билим берүү тармагы**

2024-2025-окуу жылында районубуздун билим берүү тармагында 13 жалпы билим берүүчү орто мектепте 5345 окуучуга 565 мугалим, 14 мектепке чейинки билим берүүчү уюмунда 1260 жаш бөбөктөргө 128 тарбиячы, мектептен сырткаркы мекемелерде 320 окуучуга 12 ийрим жетекчи билим тарбия берип келүүдө.

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-февралындагы №79 токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 4-февралындагы №56 токтомун билим берүү уюмдарына аткарууга алуу менен бардык мугалимдерге тааныштыруу тапшырмасы мектеп директорлоруна берилген.

Конкурс өткөрүлө турган жалпы билим берүүчү орто мектептеринде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин жалпы билим берүү уюмунун директору кызматын аркалаган мектеп директорлорун конкурс аркылуу тандоону жүргүзүү боюнча Жобого ылайык, директорлук кызматка коюлуучу квалификациялык талаптар боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Бул токтомго ылайык №2 Асан Абдраимов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин (2024-жылдын 29-августунан тартып директорлук кызмат вакант) директорлук бош кызмат ордуна 2025-жылдын 24-февралынан 7-март күндөрүнө конкурс жарыяланып, документтерди кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жүргүзүлдү. Учурда талапкерлердин тестирлөөдөн бир талапкер өтүп келди, буйругу күтүлүүдө.

Жалпы билим берүүчү орто мектептерде, мектепке чейинки жана сырткаркы билим берүү уюмдарында 1-кварталга карата педагогикалык кадрлар жетиштүү, ал эми кичи тейлөөчү кызматкерлердин жетишсиздигин райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы менен биргеликте чечүү аракеттери көрүлүп жатат.

Райондогу жалпы билим берүү орто мектеп, мектепке чейинки уюмдары, өспүрүмдөр чыгармачылык борборунда эмгектенген мугалим, тарбиячылардын курамы:

**Жалпы билим берүүчү орто мектептер:**

| Окуу жылы | Жалпы билим берүүчү орто мектептин саны | Мугалимдердин саны | Жогорку билимдүү | Бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | Орто |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **2023-2024-окуу жылы** | 13 орто мектеп | 567 | 519 | 17 | 28 | 3 |
| **2024-2025 окуу жылы** | 13 орто мектеп | 565 | 523 | 15 | 24 | 3 |

**Мектепке чейинки билим берүү уюмдары:**

| Окуу жылы | МЧББУ саны | Тарбиячы лардын саны | Жогорку билимдүү | Бүтпөгөн жогорку | Атайы н орто | Орто | Балда рдын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2023-2024-окуу жылы** | 14 | 107 | 80 | 4 | 21 | 2 | 946 |
| **2024-2025-окуу жылы** | 14 | 128 | 92 | 7 | 27 | 2 | 1152 |

**Райондук балдар өспүрүмдөр чыгармачылык борбору:**

| Окуу жылы | Мугалимдерд ин саны | Жогорку билимдүү | Бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | Орто |
|---|---|---|---|---|---|
| **2023-2024-окуу жылы** | 12 | 10 | - | 2 | - |
| **2024-2025-окуу жылы** | 12 | 10 | - | 2 | - |

**Окуучулардын билим сапаты жана жетишүүсү:**

| **2023-2024-окуу жылы** | | | **2024-2025-окуу жылы** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Окуучунун саны | Билим сапат | Жетишүү | Окуучунун саны | Билим сапаты | Жетишүү |
| 5294 | 53% | 100% | 5345 | **52,7%** | 100% |

Окуучулардын жетишүүсү 100%, билим сапаты IV чейректин жыйынтыгы менен чыгарылат, ал эми 2024-2025-окуу жылында III чейректе билим сапаты 52,7% түздү.

**2024-2025-окуу жылында окуучулардын билим сапаты:**

| **№** | **Мектеби** | **2023-2024-ж** | **2024-2025-ж III чейрек** |
|---|---|---|---|
| 1 | №1 Т.Мойдунов ат. Макмал (кыргыз) | 51% | 54% |
| 2 | №1 Т.Мойдуноа ат. Макмал (орус) | 60% | 57,7% |
| 3 | №2 А.Абдраимов (кыргыз) | 48% | **49,4%** |
| 4 | №2 А.Абдраимов (орус) | 54% | 54% |
| 5 | №3 Бейше Үрстөмбеков | 50% | 51,1% |
| 6 | №4 Иманберди уулу Иса | 50% | 52,6% |
| 7 | №5 Барктабас | 56% | 56,7% |
| 8 | №6 Бирдик | 44% | **47,1%** |
| 9 | №7 Т.Сатыбалдиев | 47% | **45,2%** |
| 10 | №8 М.Абдыжапаров | 53% | **46,8%** |
| 11 | №9 Э.Касымалиев | 51% | **48,9%** |
| 12 | №10 Азамат уулу Калдыбай | 54% | 54,3% |
| 13 | №11 Саймалуу-Таш | 48% | **48,5%** |
| 14 | №12 Ыдырыс | 43% | 53,6% |
| 15 | №13 М.Жаныбаева | 56% | 54,5% |
| | **ЖАЛПЫ:** | **53%** | **52,7%** |

**Предметтик олимпиада:** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-2025-окуу жылында мектеп окуучуларынын Республикалык олимпиадасын өткөрүү жөнүндөгү 13.01.2025-жыл №11/1 буйругунун негизинде райондук билим берүү бөлүмүнүн “2024-2025-окуу жылына карата мектеп окуучуларынын Республикалык предметтик олимпиадасынын райондук баскычын өткөрүү” жөнүндөгү 12.02.2025-жыл №30 буйругу чыгарылып, КРнын Билим берүү жана илим

министрлигининин 11.11.2019-жылдагы №1310/1 буйругу менен бекитилген Республикалык олимпиаданы өткөрүүнүн Жобосун жетекчиликке алып, райондун жалпы орто билим берүү уюмдарындагы билимге кызыккан зээндүү окуучуларды табуу, алардын билимдерин өркүндөтүү үчүн дем берүү жана кызыкчылыктарына колдоо көрсөтүү максатында 2025-жылдын 18-19-февралында Республикалык предметтик олимпиаданын II баскычы өткөрүлдү. Олимпиада кыргыз тили жана адабияты (кыргыз, орус класстар үчүн), орус тили жана адабияты (кыргыз, орус класстар үчүн), англис тили, математика, физика, информатика, химия, биология, география жана тарых предметтеринен болуп өттү.

Олимпиаданын II баскычына райондогу жалпы билим берүүчү орто мектептеринде өткөрүлгөн I баскычтын жыйынтыгы менен жеңүүчү болуп табылган 267 окуучуга тапшырыктар келген. Ар кандай жүйөөлүү себептер менен 4 окуучу катыша алган жок.

Жобого ылайык олимпиада эки тур менен өткөрүлүп, жыйынтыгында 40 окуучу байгелүү орундарга ээ болушту. Анын ичинен 25 окуучу 1-2-орундарга ээ болгондуктан олимпиаданын облустук III баскычына сунушталды. Облустук баскычта 2 окуучу 3-орунга ээ болсо, информатика предметинен 1 окуучу 2-орунга ээ болуп, олимпиаданын республикалык баскычына катышты.

**АКМО олимпиадасы:** Математика предмети боюнча 6-класстар арасында өткөрүлгөн онлайн форматтагы өтүлгөн олимпиадада район ичинен 17 окуучу облустук баскычка өтүштү. Облустук баскыч 2025-жылдын 1-мартында өтүлүп, эки мугалимдин жана ата-энелердин коштоосунда Нарын шаарына барып катышышты. Жыйынтыгында №10 Азамат уулу Калдыбай атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуучусу Кайырбек уулу Нурислам олимпиаданын республикалык баскычына катышып келди.

Дүйнөлүк TIMO математика предмети боюнча олимпиадасына №6 Бирдик жалпы билим берүүчү орто мектебинин 7-классынын окуучусу А.А.Айтманбетова катышып, онлайн тест тапшырган. Жыйынтыгында 2-турга өтүп, Анталияга жолдомо алып тестке катышып келди, орунга ээ болгон жок.

**Улуттук олимпиада:**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигининин 13-январь 2025-жылдагы "2024-2025-окуу жылында физика, математика, биология, химия жана информатика предметтери боюнча Улуттук олимпиаданы өткөрүү жөнүндө" №13/1 буйругунун негизинде жана Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүнүн 16-январь 2025-жылдагы №12 буйругуна ылайык, жалпы билим берүүчү орто мектептерде табигый-илимий предметтер боюнча зээндүү окуучуларды тандоо жана катыштыруу боюнча жалпы беш предметтен 412 окуучу катышкан.

Биология предметинен 96 окуучу, математика предметинен 130 окуучу, физика предметинен 75 окуучу, информатика предметинен 24 окуучу, химия предметинен 87 окуучу улуттук олимпиаданын I этабына онлайн режимде катышты.

Улуттук олимпиаданын II этабы онлайн режимде жүрүп, Биология предметинен 2 окуучу, математикадан 1 окуучу, информатикадан 1 окуучу, химиядан 7 окуучу, физика предметинен 3 окуучу III этабына жалпы 14 окуучу өтүп, катышып келишти.

**Областтык предметтик олимпиада:**

| Район | **2023-2024-окуу жылы** | | **2024-2025-окуу жылы** | |
|---|---|---|---|---|
| | Катыш каны | Байгелүү орундун саны | Катышканы | Байгелүү орундун саны |
| Тогуз-Торо | 23 | 1 | 25 | 3 |

**Республикалык предметтик олимпиада:**

| Район | **2023-2024-окуу жылы** | | **2024-2025-жылы** | |
|---|---|---|---|---|
| | Катышканы | Байгелүү орундун саны | Катышканы | Байгелүү орундун саны |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| Тогуз-Торо | 1 | - | 1 | - |

**Жалпы Республикалык тестирлөө (ЖРТ)**

| Жылдар | Бүтүрүүчүлөрдүн саны | ЖРТ катыша бүтүрүүчүлөрдүн саны | 110 баллга чейинки балл алгандардын саны | 110 баллдан 200 баллга чейин алгандардын саны | 200 баллдан жогору алгандардын саны | орточо балл | **Алтын сертификат** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2023-2024-окуу жылы** | 250 | 214 | 75 | 139 | 1 | 123,8 | - |
| **2024-2025-окуу жылы** | 289 | 249 | | | | | |

**Окуу китептер менен камсыз болушу: 2024-2025-окуу жылы үчүн окуу китептеринин камсыз болуу пайызы орус класстары-53,07%, кыргыз класстарында-88,76%, жалпы район боюнча 71% түздү.**

| **Окуу жылдар** | Китеп менен камсыз болушу *Кыргыз класстар* | Китеп менен камсыз болушу *Орус класстар* | Жалпы райондук көрсөткүч |
|---|---|---|---|
| **2023-2024-окуу жылы** | 63,14% | 80% | 74,26% |
| **2024-2025-окуу жылы** | 88,76% | 53,07% | 71,57% |

**Мугалимдердин билимин жогорулатуу курстары:**

| **2023-2024-ж** | | | **2024-2025ж** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад усулдук борбору | Чүй билим берүү институту | Республикалык мугалимдердин билимин жогорулатуу институту | Жалал-Абад усулдук борбору | Чүй билим берүү институту | Республикалык мугалимдердин билимин жогорулатуу институту |
| - | 130 | 113 | - | 112 | 128 |

2024-2025-окуу жылында жалпы билим берүүчү орто мектептеринде окуучулардын билим сапатын көтөрүү жана Республикалык предметтик олимпиаданын бардык баскычтарына, Жалпы республикалык тестирлөөгө окуучуларды жогорку деңгээлде даярдоо менен ийгиликтерге жетишүү максатында мектеп программасынан сырткары мектептин базасында кошумча даярдоону уюштуруу боюнча райондук билим берүү бөлүмүнүн 2024-жылдын 11-сентябрында № 94 буйругу чыгарылган.

"Орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2025-жылдын 5-мартындагы №238/1 буйругу менен "Алтын тамга" жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташтырылган бланкалык тест түрүндө өкөрүү жонүндө Жобо" күчүн жоготуп, кызыл аттестат берүү киргизилип талаптаама берилди.

Райондогу жалпы билим берүүчү орто мектептеринде жалпы 11-класста 289 окуучу окуп, билим алууда.

Жалпы билим берүүчү орто мектептеринде 11-класстын окуучуларын Жалпы республикалык тестирлөөгө даярдоо боюнча иш план түзүлгөн. Мектеп жетекчилери тарабынан сабактан сырткаркы убакытта кошумча жүгүртмө түзүлүп, кабинеттер бөлүнүп берилип, предметтик мугалимдер тарабынан даярдоо иштери жүргүзүлүүдө. Ай сайын

бүтүрүүчүлөрдүн билимин анализ жүргүзүү максатында предметтик мугалимдер тарабынан тесттер алынып, мониторинг жүргүзүлүп турат.

Мындан сырткары кошумча окуу борборлорунан окутуу иштери колго алынган.

2024-2025-окуу жылынын I,II, чейректин каникул мезгилинде Нова, Мунара Билим, Секом Бишкек, Секом Нарын, НАНО, НОВА, School Club, Промед, Жаңгак, ЦООМО, Дарин, Репититор, Хайлайт окуу борборлорунан кошумча онлайн жана офлайн форматында бүтүрүүчүлөр окуп билим алууда. Айрым бүтүрүүчүлөр бир убакытта 2 жана 3 окуу борборлору менен окуп жатышат. Бүгүнкү күнгө онлайн 93, офлайн 252 бүтүрүүчү окуду. Окуу борборлору тарабынан тесттер алынып, бүтүрүүчүлөрдүн билими боюнча мониторинг жүргүзүлүүдө. 2024-2025-окуу жылындагы III чейректин каникул мезгилинде 105 бүтүрүүчү офлайн, 30 бүтүрүүчү онлайн окуп жатышат. Жалпы республикалык тестке 249 бүтүрүүчү каттоодон өтүштү.

Райондогу жалпы билим берүүчү орто мектептеринде билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы (ИСУО) боюнча бардык шарттар аткарылып, анын негизинде мугалимдердин жана окуучулардын бардык маалыматтары такталган.

Ошондой эле "Акылдуу мектеп" долбоорунун негизинде бардык жалпы билим берүүчү орто мектептеринде мугалимдердин предметтер жана класстары билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасы боюнча (ИСУО) байланыштырылып, бүгүнкү күндө мектеп жүгүртмөсү түзүлүп, мугалимдер чейректик бааларын өз чөнтөк телефону менен атайын сыр сөз аркылуу кирип, электрондук журнал катары пайдаланууда.

Электрондук журнал бардык жалпы билим берүүчү орто мектептеринде уюштурулган. Билим берүү жана илим министрлигинин көрсөтмөсүнө ылайык класстык журнал жана электрондук журнал бирдей колдонулууда. Чейрек аягында окуучулардын чейректик бааларын система автоматтык түрдө өзү чыгарып, анын негизинде чейректик отчеттор түзүлүп, даярдалды.

**Семинарлар:** 2024-2025-окуу жылына карата түзүлгөн жылдык иш пландын негизинде 2025-жылдын I кварталында №7 Т.Сатыбалдиев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде "Улуттук баалуулук, нарктуу тарбия, заманбап технология-сапаттуу билимдин булагы", №10 Азамат уулу Калдыбай атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде "Баланын өнүгүшү-тарбиясында, акылында, өнөр билиминде" темаларында семинарлар өткөрүлүп, мугалимдер тажрыйба алмаша алышты.

Бүгүнкү күндө 12 жылдык жалпы билим берүү системасына өтүү боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык жамаатына жана тарбиячыларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, иш аракеттер уланууда. Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан зуум конференция уюштурулуп, бардык жалпы билим берүүчү орто мектептердин мектеп администрациясы катышышты. Окуу-усулдук кабинети тарабынан "12 жылдык билим берүү системасына өтүү кадамдары" темасында семинар уюштурулуп, мугалимдерге маалыматтар презентацияланды.

Учурда компьютерлерге "Санарип Кампа" платформасы (www.stem.edu.gov) орнотулуп, бардык мектептерде стем предметтеринин мугалимдери бул платформада видео-сабактарды, 3D, презентацияларды пайдаланып, күнүмдүк сабактарында иш алып барышууда.

**Курс боюнча:** 2025-жылдын февраль, март айында 4 мугалим Чүй билим берүү институтунда курстан өтүштү.

"Билгирим" академиясынын директору Чолпон Жеенбекова менен бирге мектепке чейинки билим берүү уюмдардын жетекчилери жана жалпы билим берүүчү орто мектептердин директорлору менен зуум конференция уюштурулуп, академия жана окуунун шарттары боюнча толук маалымат алышты.

"Билгирим" академиясына №4 Иманберди уулу Иса атындагы ЖББО мектебинен Сүйүнбек кызы Гүлнура, №10 Азамат уулу Калдыбай атындагы ЖББО мектебинен Токтобек кызы Гүлназ, Каргалык айыл өкмөтүнөн Эрмекова Бурулсун Мааметовна катталып, тизмеси жөнөтүлдү.

PISA эл аралык сынакка катышуучу №1 Т.Мойдунов ат.Макмал жалпы билим берүүчү орто мектеби менен иш алып барылууда. Январь айынан баштап, сайттар менен тесттик тапшырмалар менен иштөө колго алынган. Февраль айында Окуучулардын тизмесин тактап, екзел формада тиешелүү сайтка жөнөтүлгөн. Мектеп кошумча график коюп, балдардын көндүмдөрүн калыптандыруу графигинин негизинде катышуучу балдар компьютердик кабинетте үзгүлтүксүз даярдыктарды көрүп жатышат. Райондук билим берүү бөлүмү тарабынан ата-энелер менен биргеликте даярдыктарды көрүү, жыйындары өткөрүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн.

КР Министрлер Кабинетинин 22.12.2023-жылдагы №703 токтомунун негизинде ар жылдык “Жылдын мыкты мугалими” жана “Жылдын мыкты тарбиячысы” сынактары өтүлдү. Жобого ылайык жогорку балл топтогон мугалимдер сынактын облустук баскычына катышат. Облустук баскычка 7 мугалим жолдомо алышып, онлайн катышууда, жыйынтыгы чыгарыла элек. Ал эми **“Жылдын мыкты тарбиячысы-2025”** карoo сынагынын райондук этабында “Күнчубак” бала бакчасынын тарбиячысы М.Апешова баш байгеге ээ болуп, областтык 2-турга катышууга жолдомо алды.

**Мектептердин компьютер, видеокөзөмөл менен камсыз болушу:**

| **2023-2024-окуу жылы** | | | **2024-2025-окуу жылы** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Компьютердин саны** | **Принтердин саны** | **Видео көзөмөл** | **Компьютер-дин саны** | **Принтер-дин саны** | **Видео көзөмөл** |
| 307 | 61 | 13 | 431 | 72 | 13 |

Азыркы учурда райондун мектептери билим алуу процессинде 431 компьютер, 24 интерактивдүү такта, 72 принтер колдонулат. Компьютер менен 87.4% камсыз болгон. Билим берүү уюмдарына 94 компьютер, 47 принтер, 36 интерактивдүү такта жетишсиз. Видео көзөмөл 13 мектепте орнотулган, учурда *1 мектепте иштебейт (А.Абдраимов),* ал эми 14 мектепке чейинки билим уюмдарынын баарында видео көзөмөл орнотулган, учурда Табылгыты айылындагы *“Айзирек” мектепке чейинки билим берүү уюмунда видео көзөмөл иштебейт.*

**1-4-класстын окуучуларынын ысык тамагы**: 2024-2025-окуу жылында ысык тамак ичкен окуучулардын саны 1970 окуучу ичишет. 11 мектептин ашканасы типтүү, 2 мектептин (Абдраимов, Бирдик) ашканасы класстык бөлмөдө ыңгайлаштырып жайгашкан. Бардык мектептин ашканаларында муздаткыч, тараза жана термометр менен камсыз болушкан. Азык-түлүктөрдүн сертификаттары бар. Керектүү эмеректер менен толук камсыз болушкан. Жалпы 16 ашпозчу, 11 ашкана жумушчу эмгектенет, ашпозчулар 72 сааттык окуудан өтүп, сертификаттары бар. Жумушчулар медициналык кароодон өткөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 04.12.2023-жылдагы №748 “2022-2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттердин улуттук планын бекитүү жөнүндө” тескемесин аткаруу, 05.05.2021-жылдагы №60 “Кыргыз Республикасында укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын аткаруу максатында райондук мамлекеттик администрациясынын буйрук иш-чаралар планына ылайык, жалпы билим берүү уюмдарында мектеп администрациясына, класс жетекчилерге, соцпедагогдорго, ата-энелерге жана окуучуларга “окуучулар арасында опузалоо, топтошуп мушташуу жана жашы жете электер арасында кылмыштуулук, үй-бүлөлүк зордук-зомбулук фактыларына бөгөт коюу, эрте никеге турбоо, тартип маселелери боюнча алдын алуу максатында райондук мамлекеттик администрациясы, прокуратура, РИИБ кызматкерлери, имам, райондук социалдык коргоо башкармалыгынын үй бүлөнү коргоо жана балдарды колдоо бөлүмү тарабынан райондун аймагындагы жалпы билим

берүүчү орто мектептеринде окуучуларга жана ата-энелерге түшүндүрүү иштери байма-бай түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп келет.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2025-жылдын 28-январындагы №23-3/308 сандуу катынын негизинде, райондук билим берүү бөлүмүнүн 28.01.2025-жылдагы №01-07-70 сандуу катына ылайык, Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 6-февралындагы 2025-жылга карата түзүлгөн "Жаш өспүрүмдөр арасында укук бузуулардын, зордук зомбулуктун жана кылмыштуулуктун алдын алуу" иш мерчемине жана Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрация башчысы-акимде болгон жыйындын 2025-жылдын 11-февралындагы №1 протоколдук чечими аткарууга алынып, Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүнүн 2025-жылдын 28-январындагы №01-07-70 жана 06.03.2025-жылдагы №01-07-234 сандуу катынын негизинде, жалпы билим берүү уюмдарында зордук-зомбулук, рэкетчилик, кылмыштуулук жана массалык мушташтар сыяктуу көйгөйлөрдү болтурбоо максатында графикке ылайык ата-энелерге жана окуучуларга чогулуштар уюштурулуп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Жашы жете элек өспүрүмдөр арасында укук бузууларды, кылмыштуулукту, рэкетчилик, топтошуп мушташууларды алдын алуу, тартиби оор балдар менен иштөө максатында түзүлгөн мектептердин алдын алуу кеңештеринде жалпы 5, ИДН учетунда 2024-2025-окуу жылында ф3 бала каттоого алынган. Бул окуучуларды мектепте өткөн иш-чараларга катыштырып, сабакка катышуулары тыкыр көзөмөлдөнүүдө.

Окуучулар арасында кылмыштуулук боюнча:

| **Аталышы** | **2023-2024-жылы** | **2024-2025 жылы** | **2024-2025-жыл** |
|---|---|---|---|
| ЖӨИИнын каттоосунда турган балдар | 5 | 3 | ЖЖЭИсынын көзөмөлүндө |
| Уурулук | - | - | |
| Зордук-зомбулук | - | - | |
| Майда бейбаштык | - | - | |

2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасына ылайык мектепке чейинки билим берүү менен камтууну эки эсеге көбөйтүү тапшырмасын ишке ашыруу боюнча райондогу 14 мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жалпы 1260 бала тарбияланууда. "Күнчубак" МЧББУда 5 тайпа 175 бала менен иштесе, 9.09.2024-жылдан 87 бала менен 4 тайпа ачылды. "Келечек" МЧББУда 6 тайпа 210 бала менен иштесе, 16.09.2024-ж 67 бала менен 4 тайпа ачылды. "Айзирек" (Арал) МЧББУда 2 тайпа 52 бала менен иштесе, 30 бала менен 2 тайпа ачылды. "Жаңылмырза" МЧББУда 3 тайпа 110 бала болсо, 9.09.2024-ж 54 бала менен 3 тайпа ачылды. "Айдай" МЧББУда 3 тайпа 90 бала болсо, 9.09.2024-ж 24 бала менен 1 тайпа ачылды. Жалпы беш мектепке чейинки билим берүү уюмунда 14 тайпа ачылып, кезекте турган 276 бала кабыл алынды. Камтуу көрсөткүчү 54% түзөт.

**2-этапта** 2025-жылда "Акбермет", "Жеткинчек", "Актан" МЧББУда уктоочу бөлмөлөр даярдалып, 60 бала 3 тайпа ачылат. 3-февраль 2025-жыл менен "Актан" МЧББУда 2-кенже топ ачылып, кезекте турган 15 кабыл алынды. Буга чейин 44 бала болсо кезектеги 15 бала кабыл алынып 59 бала болду. Уктоочу бөлмөнүн ичин даярдоону жеке демөөрчүлөр тарабынан даярдалып керектүү буюмдар толукталды. 2-этап менен "Күнчубак" бала бакчасы 2025-жылдын март айы менен кошумча уктоочу бөлмө ачуу үчүн даярдыктарды көрүүдө.

**3-этапта** 2026-жылга "Седеп", "Перизат", "Айзирек" (Табылгыты), "Саке Бий", "Аздек", "Наристе" МЧББУда 7 уктоочу бөлмөлөр даярдалып, 7 тайпа менен кезекте турган 120 бала тартылат.

**“Келечек үчүн билим берүү”** долбоорунун алкагында кыска мөөнөттүү (3 сааттык) мектепке чейинки билим берүүчү алты бала бакча мектеп астында ачылууда.

№3 Б.Үрстөмбеков атындагы ЖББОМнин астында 25 бала менен 1 тайпа, №4 Иманберди уулу Иса атындагы ЖББОМде 25 бала менен 1 тайпа, №5 Барктабас атындагы ЖББОМде 25 бала менен 2 тайпа, №7 Т.Сатыбалдиев атындагы ЖББОМнин астында 25 бала менен 1 тайпа 1-апрель менен ачылды. Тактап айтканда жүз жетимиш эки бала (3 сааттык) уюмга тартылды. 3 сааттык бала бакчага керектүү балдар ойноочу аянтчалар жана ички бөлмөлөргө коюлуучу эмеректери, оюнчуктары келип кураштырылып орнотулган.

3 сааттык балдарды окутуудагы тарбиячыларга “Окутуунун негиздерин бекемдөө” долбоорунун алкагында 72 сааттык окуу курсунда 4 күндүк онлайн сабагын 2-6-сентябрда долбоордун тренери окутту. 5 күндүк офлайн сабагы 16-20-сентябрда окутулуп сертификат алышкан.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин КРнын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу, балдарды мектепке чейинки билим берүү камтууну көбөйтүү жана мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүнү өнүктүрүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети жөнүндө” КРнын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык КРнын Министрлер кабинетинин токтомун аткарууда, Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмү, Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынан келген 04.09.2024-ж. №01-15/4167 чыгыш каты боюнча төмөндөгүлөрдү маалымдайт: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.У.Жапаровдун 2023-жылдын 5-октябрындагы №32-9968 сандуу тапшырмасынын негизинде, Кыргыз Республикасынын балдар укугу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү А.Р. Чыныбаеванын “Өкмөттүк акселераторлор” программасынын “Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы балдарга мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүдө жана камтууну жогорулатууда тоскоолдуктар кыскартуу жөнүндө” №1 “100 күн челленджинин” алкагында, биздин райондо “Өкмөттүк акселератор” программасынын алкагында ишкерлерге жеткиликтүү деңгээлде түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, МЧББУда иштеп жаткан жетекчилер, тарбиячылар (128 ) эмгектенишет. Анын ичинен 98 тарбиячы “Билимдүү муун” программасын окуп, сертификат алышты, калган тарбиячылар окуп жатышат.

Балдардын ден соолугун алдын алууда Тогуз-Торо райондук ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору менен биргеликте иштер жүргүзүлүүдө. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ар бир баланын коопсуздугун камсыздоо, зордук-зомбулукту алдын алуу максатында айыл аймагынын айыл өкмөттөрү менен биргеликте видео көзөмөл уюштурулуп, ар бир бала бакчада видео көзөмөл толук орнотулду. Бала бакчадагы жаңы ачылып жаткан кошумча тайпаларга айыл өкмөттөрү тарабынан видео көзөмөл алып берүү жагы 2025-жылга каралууда.

Жогорудагыдай иштер аткарылгандыгына карабастан төмөндөгүдөй кемчиликтерге жол берилген: билим сапатынын жылдан-жылга төмөндүгү, окуу жылынын жыйынтыгы менен чыгарылат.

## 24. Кесиптик билим берүү

Т.Токтоналиев атындагы №45 кесипчилик лицейинде 271 окуучу бар анын ичинен 77 окуучу контрактын негизинде, 194 окуучу бюджеттик негизде окутулат.

| **№** | **Кесиптердин аталышы** | **Устат** | **Окуу мөөнөтү** | **2023-2024-жыл окуучулардын контингенти** | **2024-2025-жыл окуучулардын контингенти** |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Компьютерлерди жана | 2 | 10 ай | **24** | **25** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | кеңсе жабдууларын оңдоо жана тейлөө устаты | | | | |
| **2** | Ашпозчу-кондитер | 2 | 10 ай | **28** | **30** |
| **3** | Тигүүчү | 2 | 10 ай | **25** | **25** |
| **4** | Жыгач уста | 2 | 10 ай | **-** | **-** |
| **5** | Электр жана газ менен ширетүүчү | 2 | 10 ай | **23** | **25** |
| | **Жалпы** | | | **103** | **105** |

Кесипчилик лицейде окугандар атайын окуу өздөштүрүүсүнө жараша стипендия алышат. Окууну жалаң "5" – 750с, "4-5" -580с, "4-4" -435сом стипендия (+ райкоэф.) берилет

**2024-2025-окуу жылында кесиптик билим алуу боюнча бюджеттик негизде:**

| **№** | **Кесиптердин аталышы** | **Окуу мөөнөтү** | **Окуучулардын саны** |
|---|---|---|---|
| **1** | Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты(фермер) | 2 жыл | 29 |
| **2** | Айыл чарба өндүрүшүнүн устаты(фермер) | 2 жыл | 60 |
| **3** | Компьютерлерди жана кеңсе жабдууларын оңдоо жана тейлөө устаты | 10 ай | 25 |
| **4** | Ашпозчу | 10 ай | 30 |
| **5** | Тигүүчү улуттук буюмдарды жасоочу | 10 ай | 25 |
| **6** | Электр газ менен ширетүүчү, "С1"категориясындагы айдоочу | 10 ай | 25 |
| | **Баары:** | | **194** |

2024-2025-жылга карата **Контрактык негиздеги төмөндөгү кесиптерге кыска мөөнөттө курстар окутулууда**

| **№** | **Кесиптин аталышы** | **Окуу мөөнөтү** | **Окуучулардын саны** | **Баардыгы** | **Бүтүрүү** |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | "ВС" категориясындагы автомобиль айдоочу | 3,5 ай | 15/15 | 15 | |
| **2** | "В" категориясындагы автомобиль айдоочу | 2,5 ай | 30/30 | 30 | |
| | **Баардыгы:** | | **45** | **45** | |

2025-жылга карата Жергиликтүү аймактагы айыл өкмөттөр менен азыркы рынок шартына ылайык 1-3 жылдын ичинде аймактардын территориясында ачылуучу ишканалар, өнөр жайлар боюнча мониторинг жүргүзүлүп, натыйжада: Келечекте Республикалык деңгээлде стратегиялык пландардын бири болгон Түндүк-Түштүк жолу, "Камбар Ата-1", "Тогуз-Торо ГЭС", "Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан" темир жолу район аркылуу өтүүсү жана товар алмашуу логистикалык борбор курулуусу. Жогорудагы курулуштарга ылайык жаңы кесиптерди ачуу пландалууда:

1.Электр жабдууларын оңдоо жана тейлөө боюнча электромонтер (тармактар боюнча)
2.Электр жана электр-механикалык приборлорду куроочу слесарь
3.Автотранспорт каражаттарын оңдоочу слесарь
4.Системалык администратор

5.Саякатты уюштуруу (ГИД
6.Тракторист-машинист
7.Проводник
8.Аарычы кесиптери боюнча 2025-2025-жылга Системалык администраторго лицензия 10 айлыкка кабыл алынды. Проходчик, Бурильшик адистиги боюнча лиценция алынды.
Ал эми Электр жабдууларды ондоочу кесибине 2 жылдыкка окутуу боюнча лицензия алуу үчүн документтер даярдалууда.

Жаңы кесиптерди даярдоого керектүү жабдуулар: Тракторист-машинист А.В.Г категориясына туура келген транспорттук каражат (Эксковатор, трактор МТЗ-82 ж.б траспорттук каражаттары, Электр жабдууларын оңдоо жана тейлөө боюнча электромонтер, Электр жабдуу боюнча класс-кабинеттер, керектүү электр жабдыктар.

**Кесиптик лицейдеги техникалар:**

| № | 2024-ж. | 2025-ж. |
|---|---|---|
| | 1.Жигули (оң абалда)<br>2.Ауди А6 (оң абалда)<br>3.Зил 131 (оң абалда)<br>4.Форд сиера (бузук)<br>5.Хундай портер (оң абалда | 1.Жигули (оң абалда)<br>2.Ауди А6 (оң абалда)<br>3.Зил 131 (оң абалда)<br>4.Форд сиера (бузук)<br>5.Хундай портер (оң абалда)<br>6.Трактор Vito 70 (оң абалда) |

Кесиптик лицейде жергиликтүү ишканалар менен кызматташат жана бүтүрүүчүлөрдү жумуш орду менен камсыз кылууга көмөктөшүү;
-Кошумча курстарды жана кайра даярдоо программаларын сунуш кылуу;
-Лицейде окуучулар теория менен катар иш жүзүндө практикадан өтүүнү колго алуу;
Кесиптик лицейдин негизги максаты- окуучуларды практикалык адистиктерге үйрөтүү болуп саналат.

*Кемчилиги:* Башка чет элдик грант, долбоорлор менен иш алып барылган жок. Окуучулар үчүн 50 бала болсо гана жатаканага штат берилет, ал эми жатакана жата турган баланын саны жетпегендиктен жаткана жабылып калган.

## 25. Райондук маданият бөлүмү

Райондук А.Сыдыков атындагы маданият үйү, Ч.Айтматов атындагы борборлоштурулган китепкана, Тарыхый этнографиялык музейи, Балдар искусство мектеби, айылдардагы 5 айылдык клуб, 8 айылдык китепкана иш алып барат. Райондук маданият бөлүмүндө ар бир даталуу күндөргө карата маданий иш- чаралар өткөрүлүүдө.

2025-жылдын 14-апрелинен баштап А.Сыдыков атындагы маданият үйүнүн кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы №369 "Улуттук дем-дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу жөнүндө" Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 23-декабрындагы №289-б буйругунун негизинде, райондук мамлекеттик администрациясынын 10.01.2025-жылдагы №2-т тескемесин жана иш-чаралар планын аткаруу максатында айылдарга барып концерттик программаларын тартуулап, чыгармачылыктарын көрсөтүшүүдө. Райондук А.Сыдыков атындагы маданият үйүнүн капиталдык ремонту бүтүп көрүү залы ишке берилип, маданий кызматкерлерге шарт түзүлдү. Райондо "Нооруз-2025" майрамы өткөрүлдү.

Тогуз-Торо айыл өкмөтүнө караштуу Дөдөмөл айылынын М.Бектеналиев атындагы айылдык клубуна комуз, музыкалык аспаптар, "Шайыр апалар" фольклордук тобу концерттик форма менен камсыздалган. Атай айыл өкмөтүнө караштуу Атай айылындагы М.Аттокуров атындагы Атай айылдык клубу чакан музыкалык аппаратура, 3 компьютер 1 ксерокопия, 3 принтер менен жабдылган. Атай айыл өкмөтүнө караштуу Арал айылындагы М.Жунушалиев атындагы маданият үйү түрткү берүүчү гранттын (стим) эсебинен 5000,0 миң сомдук капиталдык ремонту жүргүзүлүп ишке берилди. Айыл өкмөттөрүнө караштуу

8 айылдык китепканада Атай, Арал, Казарман, Чет-Булак, Кош-Булак, Дөдөмөлдө компьютер менен камсыздалган. **Ал эми Каргалык айыл өкмөтүнө караштуу Табылгыты, Сары-Булуң китепканаларында компьютер жок.**
Ч.Айтматов атындагы борбордук райондук китепканада 39082 китеп фонду бар, анын ичинен электрондук китептер 461, айылдык китепканаларда 49918 китеп фонд, анын ичинен Арал филиалында электрондук китептер 19, Тогуз-Торо филиалында -356 китеп бар. 2025-жылдын 1-кварталында жаны китептер кириштелген жок. Райондук китепкананын материалдык-техникалык базасы компьютер жана интернет менен камсыздалды.
Жарандык-санариптик борборуна БШК тарабынан 20 ноутбук, 4 телевизор, 4 принтер мунун ичинен 1 цветной принтер , КР Маданият , маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан 10 стул, ал эми Казарман фондунан 24 стул алынып окурмандарга шарттар түзүлдү.
Тогуз-Торо райондук тарыхый- этнографиялык музейде элибиздин жашоо турмушунда колдонулуп келген тарыхый этнографиялык экспонаттар бар. Бүгүнкү күндө жалпы музей буюмдарынын саны 1984 экспонатка толукталды. Ар жыл сайын музейлик буюмдар менен толукталып турат. 2025-жылдын 1-чейрегинде музей 3 экспонат менен толукталып жалпы саны 1987 болду. Музейде жалпысынан 9 иш-чара өткөрүлдү анын ичинен бири онлайн жана 3 эскурсия. 2025-жылдын 1-чейрегинде 72 көрүүчү келип анын 32си окуучулар. 1-чейреги ичинде көчмө музей уюштурулган жок жана чет өлкөлөрдөн коноктор келип катталган жок. Музейдин техникалык базасы толук камсыздалган.
Райондук тарыхый-этнографиялык музейин Казарман айылындагы Т.Кожалиев көчөсүндө жайгашкан мурунку “Жеңиш туусу” редакциясынын имаратына райондук маданият бөлүмүнүн буйругунун негизинде көчүрүлгөн. Капиталдык ремонтту талап кылат.
Кызматкерлердин классификациясын жогорулатуу максатында 2025-жылдын 2-9- апрель күндөрү Нарын шаарында өткөрүлгөн БАУ (Борбор Азия Университети) тарабынан уюштурулган “Айкөл Музей” аттуу окуу-тренингине музейдин жетектөөчү илимий кызматкери А. Калматова катышып келди.
**Балдар искусство мектеби:** Тогуз-Торо райондук балдар искусство мектебинин негизги иш-чаралар атайын түзүлгөн 2024-2025-окуу жылындагы жылдык иш пландын негизинде жүргүзүлдү.
Балдар искусство мектеби “Жаш таланттар-2025” сынагында Нарын облусуда музыкалык мектептер арасында сынак өткөрүлүп сынакта фортопиано боюнча I орунду, комуз, баян боюнча 2- орунду багындырышты.
Маданият тармагында жогорудагыдай иш чаралар өткөрүлсө дагы, төмөндөгүдөй кемчиликтерге жол берилген:
Ал эми айыл өкмөттөрүнө караштуу маданий тармактарынын имараттары талапка жооп бербей, авариялык абалда турат, бүгүнкү күнгө аткарылбай келүүдө.
Алып айтсак: Каргалык айыл өкмөтүндөгү Табылгыты айылындагы №8 китепкана авариялык абалда болгондуктан капиталдык ремонтту талап кылынат.
Учурда Табылгыты айылындагы мурунку эски ФАПтын имаратынын эки бөлмөсүнө айылдык китепкананы көчүрүлгөн, ремонтту талап кылат.
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлигине 2022-жылдын ноябрь айында А.Сыдыков атындагы маданият капиталдык ремонттон өткөрүлдү, көрүү залынын көшөгөсү бүгүнкү күнгө чейин бүткөрүлбөй келет. Жетекчиси эмгек акы төлөнбөгөн өргүүгө кеткендиктен иш бүтпөй келет. Маданий мекемелердин капиталдык ремонт жана оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүү боюнча ремонтко муктаж (китепкана, тарыхый этнографиялык музейи жана айылдык клубдар, китепканалар) экендиги боюнча РМАнын 12 айдын коллегиясында тапшырма берилген, бул маселе боюнча маданият бөлүмү тарабынан маалыматтар берилген жок.

Маданият бөлүмү тарабынан маданий иш-чаралар атайын кесипкөй адистер жок болгондуктан өз деңгээлинде өткөрүлбөгөндүгү, маданият бөлүмүнүн башчысынын эмгек жамааттары менен келишпестик жаралып, байма-бай арыздар түшүп музыканттар, кесипкөй адистер иш таштап кетип калышкандыгы баарыбызга маалым.

26. **Кыргыз почтасы мамлекеттик ишканасынын Тогуз-Торо райондук филиалы**

2024-жылдын 3 айы ичинде районго 1645 заказдык кат, 101 жөнөкөй кат заказдык, 66 бандероль, 2 посылка бандероль келди, ал эми райондон башка жакка 829 заказдык кат, 44 жөнөкөй кат, 3 баалуу кат, 5 посылка,4 баалуу бандероль жөнөтүлдү. . 2025-жылы 3 айында 465 пенсионерге 15 330, 5 миң сомдук пенсия таратылып, тапкан киреше 153,3 миң сомду түздү.

2025-жылдын 3 айында МАИ тарабынан 97 адамга, айып салынып 155,1 миң сомдук айып пул кабыл алынып, киреше 2,4 миң сомду түзгөн .

Райондук филиалда жана байланыш бөлүмдөрүндө 3 ай ичинде "Восток электро" менен түзүлгөн келишимдин негизинде 1652 абоненттен, 1940,0 миң сом электр энергиясынын акысы чогултулуп РЭТ ишканасына которулуп берилди. 2025-жылдын 1-жарым жылдыгына карата айыл өкмөттөрү, мекеме-ишканалар менен 292,7 миң сомдук 5941 экземпляр гезит-журналдарга жазылуу жүргүзүлүп 82,4 миң сомдук киреше алынды.

**Көйгөйү:** "Кыргыз почтасы" ААК Тогуз-Торо райондук филиалынын көйгөйү имарат 1990-жылдан бери капиталдык ремонттон өткөрүлө элек, капиталдык ремонт талап кылат.

27. **<u>Райондук Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы</u>**

Тогуз-Торо районунда 31.12.2024-жылга карата жалпы калктын саны 28232, кожолуктун саны 5329, жалпы жакыр 1849 үй-бүлө 34,7% түзүп (анын ичинен өтө жакырлар 621 үй-бүлө (11,6%), өтө жакырдан жогору 754 үй-бүлө (14,1%), жакырлар 474 үй-бүлө (8,9%) түзөт), былтыркы жылга салыштырмалуу быйыл жакырчылыктын деңгээли 4% кыскарды.

Жыл башынан бери иш издеп кайрылган жумушсуздардын саны 125 жаран, анын ичинен аялдар 45, кеп кеңеш алгандары 143 жаран, анын ичинен аялдар 51, жалпы каттоодо турган жумушсуз жарандардын саны 942, анын ичинен аялдар 341.

| Аталышы | Жылдар | | |
|---|---|---|---|
| | 2024-жылдын 3 айы | 2025-жылдын 3 айы | % |
| Иш издеп кайрылгандар | 71 | 125 | 176,05 |
| Кеп кеңеш алгандар | 80 | 143 | 178,75 |
| Каттоодо тургандар | 985 | 942 | 95,63 |
| Расмий жумушсуздар | 224 | 138 | 61,60 |
| Жөлөк пул алуучулар | 0 | 1 | 100,00 |
| Жумушка орношкондор | 22 | 51 | 231,81 |
| Акы төлөнүүчү коомдук жумуш | 2 | 8 | 400,00 |
| Кесиптик окууга жөнөтүлгөндөр | 15 | 32 | 213,33 |

Жаңы түзүлгөн жумуш орду – 8

- Убактылуу коомдук жумушка-8
- Кесиптик окууга-32 анын ичинен 1ДМЧАжаран жөнөтүлдү, Электромонтер-15, Повар-17 окушту.

Жумушсуз жана жумуш издөөчү болуп каттоодо турган жарандардан 51 адам мекеме-ишканаларга жумушка орношту.

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин №156-беренесине ылайык, ДМЧ жумушсуздарды жумуш менен камсыз кылуу максатында, райондук мамлекеттик администрация тарабынан 2025-жыл үчүн 17.10.2024-жылы №253-т тескемеси чыгып, тескеменин негизинде 7 мекеме квоталоо каралган (№1 Т.Мойдунов атындагы Макмал о.м-

1, №5 Барктабас а.о.м-1, №6 Бирдик а.о.м-1,  №8 М.Абдыжапаров а.о.м-1, №10 Азамат уулу Калдыбай а.о.м-1  ДМЧ жарандар жумушка кабыл алынган.

**Үй-бүлөнү колдоо жана балдарды  коргоо бөлүмү**

Үй-бүлөнү колдоо жана Балдарды коргоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө жана Балдар Кодексинин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.06.2015-жылдагы №391 токтому менен бекитилген “Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу жөнүндө” Жобонун негизинде жүргүзүлөт. Турумуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу боюнча рейддер, үймө үй кыдыруулар тийешелүү мамлекеттик органдар менен биргеликте иш алып барылат.

| № | Иш чаранын аталышы | 2024-жыл 3 айы | 2025-жыл 3 айы | Айырма (+,-) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Ата-энесинин багуусунан ажыраган жетим балдардын саны | 12 | 11 | -3 |
| 2 | Жарым жетим балдардын саны | 552 | 450 | -102 |
| 3 | Мектепке тартылбаган балдар | - | - | - |
| 4 | Ата-энелик укуктан ажыратылган, укуктары чектелгендер | 4 | 2 | -2 |
| 5 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок балдар | - | - | - |
| 6 | Жашы жете элек балдар колониясында жаза өтөп жаткан жана жаза өтөп келген, атайын жабык мектеп-интернат түрүндө жайгаштырылган жашы  жете элек  балдар | - | - | - |
| 7 | Камкорчулукта каттоодогу  балдардын саны | 31 | 25 | -6 |
|  | Көзөмөлчүлүктө каттоодогу  балдардын саны | 33 | 35 | +2 |
| 8 | Тышкы мигранттардын  балдардын саны | 93 | 111 | +18 |
| 9 | Ички мигранттардын балдарынын саны | 201 | 167 | -34 |
| 10 | Балдарды коргоо жеке иштөө планы, үй-бүлө менен жеке иштөө планы. | 1 ҮБЖКП<br>БЖИП | 1 ҮБЖКП<br>1 БЖИП | +1 |
| 11 | Суициддик аракеттерге жакын жана суицидге барган балдар | - | - | - |
| 12 | Сот жообуна тартылган балдардын саны | - | - | - |

**Жөлөкпулдардын төлөнүшү боюнча**

Кыргыз Республикасынын 28.07.2017-ж. №163 “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Мыйзамын ишке ашыруу максатында КРӨнүн 29.06.2018-ж. №307, 22.12.2009-ж. №795 жана КРӨнүн 24.08.2020-ж №442 “КРӨнүн социалдык коргоо чөйрөсүдөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомдоруна ылайык, аз камсыз болгон балдары бар үй-бүлөлөргө ай сайын “үй-бүлөгө көмөк” мамлекеттик жөлөкпулу жана пенсияга камсыздандырууга укугу жок ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендерге, карылыгы боюнча, багуусунан ажырагандыгы боюнча, ошондой эле томолой жетимдерге ай сайын социалдык жөлөкпул дайындалып турат. Жыл башынан бери жалпы 1591 алуучуга 22427,0 миң сом жөлөкпулдар төлөнүп берилди.

| № | Жөлөкпулдун аталышы | Жыл башынан бери каржыланды |  | Жыл башынан бери каржыланды |  | Айырмасы (+көп, -аз ) |  |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
|  |  | 2024-ж.  3 айы |  | 2025-ж. 3айы |  |  |  |
|  |  | Алуучулардын саны | Сумма | Алуучулардын саны | Сумма | алуучулар | Сумма |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Аз камсыз болгон 16 жашка чейинки балдары бар “үй-бүлөгө көмөк” | үй-бүлө | адам | **сы (миң сом)** | үй-бүлө | адам | **сы (миң сом)** | Үй-бүлө | адам | **сы (миң сом)** |
| | | 576 | 1914 | 10151,4 | 238 | 862 | 4183,7 | -338 | -1052 | -5967,7 |
| 2 | ДМЧ, багуусунан ажырагандарга жана томолой жетимдерге социалдык жөлөкпул | 686 | 755 | 19223,8 | 653 | 729 | 18243,3 | -33 | -26 | -980,5 |
| | **Бардыгы :** | 1262 | 2669 | 29375,2 | 891 | 1591 | 22427,0 | -371 | -1078 | -6948,2 |

Өткөн жыл менен салыштырганда, аз камсыз болгон 16 жашка чейинки балдары бар үй-бүлө катары үй-бүлөгө көмөк жөлөкпулун алуучулар 338 үй-бүлөгө аз, алуучу 1052 балага аз, ошону менен катар эле жалпы ай сайын керектелүүчү сумма 5967,7 миң сомго азайган. Себеби, акыркы 3 жылдан бери жөлөкпулдардын даректүүлүгүнө карата көзөмөл күчөтүлгөн тартипте иш алып барылып, мониторинг жүргүзүлүп турат, мындан сырткары жакырчылыктан чыгуу максатында социалдык келишимдин негизинде социалдык жардам алышып жөлөкпулдан баш тартышты.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.02.2010-жылдагы №110-токтомун аткаруу максатында аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген, жалгыз бой улгайган адамдарга, ар тараптуу колдоо көрсөтүү максатында башкармалык тарабынан атайын иш-чара түзүлгөн. Социалдык адилеттүлүктүн бүткүл дүйнөлүк күнүндө башкармалыктын кызматкерлеринин демөөрчү тартуу иштеринин натыйжасында 29 муктаж болгон ДМЧАга 40,8 миң сомдук, 22 жалгыз бой багар-көрөрү жок улгайган жаранга 29,0 миң сомдук, 23 турмуштук оор кырдаалда турган аз камсыз болгон үй бүлөлөргө 61,9 миң сомдук жалпы 74 адамга 131,7 миң сомдук кийим кечеден жана азык-түлүктөн жардамдар көрсөтүлдү.

2025-жылдын 3 айына карата ден соолуктарын чыңдап келүү үчүн санаториялык-курорттук дарыланууга кайрылган 87 ДМЧ жарандарды корпоративдик маалыматтык социалдык жардам тутумунун базасына киргизилип, 2025-жыл үчүн жалпы суммасы 238,0 миң сомдук 14 жолдомо келип, 5 ДМЧАга берилди. 3 ДМЧА кресло-коляска менен камсыз болду, 2025-жылдын 3 айына карата Бишкек шаарында жайгашкан “Келечек” реабилитациялык борборго февраль жана март айында 2 ДМЧ балага жолдомолор берилип, ден соолуктарын чыңдап келишти.

**Жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсациялар боюнча:**

| **Жеңилдиктер дин ордуна ай сайын акчалай компенсация** | **Жыл башынан бери каржыланды** | | | **Жыл башынан бери каржыланды** | | | **Айырмасы (+көп, -аз )** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2024-ж. 3 айы | | | 2025-ж. 3 айы | | | | | |
| | Алуучулар дын саны | | Сум масы | Алуучулар дын саны | | Сумма сы | алуучулар | | Сум масы |
| | үй-бүлө | адам | | үй-бүлө | адам | | Үй-бүлө | адам | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 148 | 148 | 668,3 | 138 | 138 | 629,1 | -10 | -10 | -39,2 |

Миграцияда жүргөндөр 2628 жаран, анын ичинен ички миграцияда жүргөндөр 2386 жаран, мунун ичинен эркектер 1363, аялдар 10213, ички миграциядан кайтып келгендердин жалпы саны 48, ал эми тышкы миграцияда жүргөндөр 242 жаран, мунун ичинен эркектер 170, аялдар 72, тышкы миграциядан кайтып келгендердин жалпы саны 14 жаран.

**БУУнун Дүйнөлүк Азык – Түлүк программасын ишке ашыруу** боюнча: Каргалык айыл аймагынан 5 долбоор бекип, 2 долбоор бүткөрүлгөн. Алар: Кыр-Жол каналын тазалап, кеңейтүү, 100м жерин цементтөө жана сооружение куруу иштери жүргүзүлүп, жалпы 40 адам тартылды. Кара-Суу айылына мал дарылоочу кубка куруу иштери жүргүзүлүп, 14 адам тартылды. Мындан сырткары Кара-Суу айылындагы Чалдобар айылынын таза-суусуна резервуар куруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Тогуз-Торо айыл аймагында 2 долбоор бекитилген. Алар: Дөдөмөл айылында Чамынды каналынын жерин баткак балырлардан тазалап, 500 м жерин бетондоо иштери жүргүзүлүп, 40 адам тартылды. Ленин айылынын Жырма каналынын 1 км жерин баткак балырлардан тазалоо жана 100 м жерин бетондоо иштери жүргүзүлүп башталууда, 17 адам тартылды.

Атай айыл аймагынан 2 долбоор бекип, Пионер каналынын узуну 30 м, туурасы 1,30м сооружение куруу жана 1 км каналдын ичин кол күчү жана техниканын жардамы менен тазалоо жана Узун загон арыгына узуну 150 м, туурасы 1,30 м, бийиги 50 болгон сооружение бетон куюу жана 500 м арыктын ичин кол күчү менен тазалоо иштерин баштоо алдында турат.

Жалпысынан БУУнун Дүйнөлүк Азык – Түлүк программасын ишке ашыруу боюнча 3 айыл өкмөттөн 9 долбоор бекиген. анын ичинен 4 долбоор ишке ашып, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөн 111 жаран ишке тартылып, иштеп бүтүштү. Долбоорлор бүткөндөн кийин иштеген эмгеги үчүн ар бир жаранга 6 мешоктон ун, 30 литрден суу май таратылып берилет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын аткаруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 15.07.2022-жылдагы №385 «Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө токтомун аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин социалдык контракт демилгеси ишке кирип, 100 миң сомдон берүү жакырчылыкты жеңүүнүн эффективдүү модели катары башталды. Анын негизинде, бүгүнкү күндө Тогуз-Торо районундагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү өздөрүнүн оор турмуштук абалынан чыгуу үчүн жигердүү аракеттерге шыктандыруу, социалдык коргоо системасынан жетиштүү көз карандысыздыкка жана коомдук турмушка толук кандуу катышууга, жашоо деңгээлин жогорулатуу ишмердигин улантышып 2022-жылдан 2024-жылга чейин жалпы 340 үй-бүлөгө 100,0 миң сомдон, жалпы 34000,0 миң сом бөлүнүп берилген. Бүгүнкү күндө өз ишмердүүлүктөрүн улантууда.

Ал эми 2025-жылга карата аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө социалдык контрактын негизинде 150,0 миң сом акчалай жардам берүү каралууда, бирок район боюнча канча адамга социалдык контракт берүү боюнча квота бекитилип бериле элек.

## 28. Райондук социалдык фонд башкармалыгы

Тогуз-Торо райoну боюнча жалпы песионерлердин саны **2024-жыл 3 айына** 3761 (а.и курагы боюнча 2613, Майыптыгы боюнча 917) болсо, **2025-жыл 3 айына** 3806 (а.и курагы боюнча 2672, Майыптыгы боюнча 898).

1 айлык пенсиянын керектелүүчү орточо суммасы 2024-жыл 3 айына 36334,9 миң сом болсо, **2025-жыл 3 айына** 41107,4 миң сом, ал эми 1 айлык пенсиянын орточо суммасы 2024-жыл 3 айына 9512 сом болсо, **2025-жыл 3 айына** 10750 сомду түздү.

| **Тогуз-Торо** | **2024-жыл** | **2025-жыл** | **%** | **Айырма +-** |
|---|---|---|---|---|

| | 3 ай | 3 ай | | |
|---|---|---|---|---|
| Пенсиянын төлөнүшү жалпы (миң сом менен) | 107895,9 | 124077,4 | 114,9 | +16115,5 |
| Кыргызпочтасы аркылуу | 15546,0 | 15330,5 | 98,6 | -215,5 |
| Банк аркылуу | 92349,9 | 108680,9 | 117,7 | +16331,0 |

2025-жылдын 3 ай ичинде жаңыдан пенсия чектөөгө 45 адамдан арыз келип түшкөн, анын ичинен 31 пенсиялык иш кагаздар КРСФнун пенсия чектөө башкармалыгына жөнөтүлүп, 24 адамдын пенсиясы чектелип келген. 7 пенсиялык иш кагаздары каралууда, 14 пенсиялык иш кагаздар жөнөтүүгө даярдалууда. Ал эми 2024-жылда жөнөтүлгөн иш кагаздардан 26 адамдын пенсиясы чектелип келген.

Ошондой эле 3 ай ичинде мамлекеттик пенсиялык топтоо бөлүгүн алуу үчүн 34 адам кайрылган, мунун ичинен 34 адамга 2976,8 миң сом топтоо бөлүгү төлөнүп берилди. Ал эми эски жылдан 7 адамга 674,1 миң сом топтоо бөлүгү төлөндү. Жалпы 41 адамга 3650,9 миң сом топтоо бөлүгү каржыланып берилди.

2025-жылдын 3 айында 28 каза болгон пенсионерлерге, ар бири үчүн 30,0 миң сомдон, жалпы 840,0 миң сом төлөндү.

Мындан сырткары, 2025-жылга карата бекитилген иш-чаралар планына ылайык, бекитилген графигинин негизинде февраль-март айларында айыл аймактардын айылдарындагы элдер менен жана мекеме-ишканалардагы кызматкерлер менен жолугушуулар өткөрүлдү. Жолугушууда Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 10-майындагы "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына ("Мамлекеттик пенсиялык камсыздандыруу жөнүндө", "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө") өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" №84 Мыйзамы тууралуу жана пенсияга чыгуунун шарттары тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

### 29. <u>Спорт жана жаштар иштери боюнча жүргүзүлгөн иштер:</u>

Спорт мектебинде 7 ийримде 505 бала тарбияланып, аларга 12 окутуучу-машыктыруучу тарбия берип келет.

Райондун ичинде 2025-жылдын 1-кварталында 6-февралында мектеп окуучулары арасында хоккей оюну боюнча мелдеш, 21-февраль-Бүткүл Дүйнөлүк Эл аралык эне тил күнүнө карата тайпа аралык мектеп окуучулары арасында "Тогуз коргоол" оюну, 25-февраль күнү спорт мектебинде тарбияланган окуучулар арасында футбол оюну, 15-март Кыргыз Республикасында Аталар күнүн белгилөө күнүнө карата "Аталар жана балдар" аттуу (жеңил атлетика, кол күрөш, аркан тартыш, эстафета) спорттук мелдештери өткөрүлгөн.

Спорт мектебинин окуучулары 2025-жылдын 1-кварталында 5 жолу райондон сырткары мелдештерге катышып, 1 алтын медаль, 3 коло медаль алышты.

2025-жылдын 6-10-февралына чейин Бишкек шаарында Оор атлетика боюнча Кыргыз Республикасынын кубогуна Н.Сүйөркулов катышып, 3-орунду ээлегендиги үчүн коло медаль менен сыйланган.

2025-жылдын 14-17-февралында Жалал-Абад шаарында өткөрүлгөн Эркин күрөш боюнча Кыргыз Республикасынын кадеттер Ю-17 жаштагылар арасындагы чемпионатында Р.Кубатбеков 1-орунду алгандыгы үчүн алтын медаль, Э.Майрамбеков 3-орунду алгандыгы үчүн коло медаль, А.Тилекеев 3-орунду камсыз кылгандыгы үчүн коло медаль менен сыйланышты.

2025-жылдын 1-кварталына карата Спорт мектебине Кыргыз Республикасынын Оор атлетика федерациясы тарабынан жалпы 600,0 миң сомдук (штанга, помост, гриф ж.б топтомдор) спорттук инвентарлары бөлүнүп берилген.

Спорт мектебинде жогорку же атайын орто спорттук билими бар адистердин жетишсиз болгондуктан, жогорку же атайын спорттук билими бар адистер менен толуктоо максатында, окуу жылынын жүрүшүндө атайын мектептерге, спорт мектебиндеги

тарбияланган бүтүрүүчүлөргө багыт берип спорттук билим алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Жыйынтыгында, 2024-2025-окуу жылында эркин күрөш ийриминен 2 окуучу, *Б.Т.Турусбеков атындагы* Кыргыз мамлекеттик *дене тарбия жана спорт* академиясына, Болотканов Даниел, грек-рим ийриминен Нурзатбеков Бийбарс И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин *дене тарбия* спорт колледжине тапшырышты.

Райондон сырткаркы мелдештерге чыгууда сапар чыгымдарына (жолкире, тамак-аш) КРнын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан 550,0 миң сом акча каражаты бөлүнүп берилип, азыркы мезгилде мелдештерге катышып келүүдө. Спорт залды капиталдык ремонттон өткөрүү боюнча, администрация тарабынан тиешелүү мекемелерден комиссия түзүлүп, капиталдык ремонтко муктаж деген корутунду чыгарылган. Корутундунун негизинде, смета түзүлүп, КРнын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан 6млн.сомго каржылоо болоорун жана бөлүп берүү жагы каралып жаткандыгын билдирген.

Мындан сырткары Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 24-июлундагы №313 "2021-2026-жылдарга Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө "Жарлыгын райондо ишке ашыруу жана жаштардын спортко болгон кызыгуусун арттыруу максатында 2025-жылдын 8-февраль күнү Каргалык айыл аймагындагы "Муз аянчасында" "Муз үстүндө коньки тебүү" жарышы уюштурулду, 2-4-февралына чейин Муундар аралык "Көк-бөрү" оюну өткөрүлдү, 8-февралда Дөдөмөл айылында райондук деңгээлде жаштар арасында "Волейбол" оюну, ал эми 21-март Нооруз майрамына карата 20-март күнү "Аркан тартыш" тартыш жана "Ордо" оюндары өткөрүлүп, оюнда орун алган командалар диплом жана акчалай сыйлыктар менен сыйланышты.

Ал эми жаштар иштери боюнча 2025-жылдын 21-февраль күнү райондук деңгээлде "Эне тил-улут сыймыгы" аттуу иш-чара өткөрүлүп, иш-чарага мектеп окуучулары, №45 кесиптик лицейинин окуучулары жана маданият бөлүмүн жаштары катышты. 18-март күнү райондук Ч.Айтматов атындагы борборлоштурулган китепкананын окуу залында **«Жаңы муун-жаркын келечек, таза муун-коопсуз коом»** аттуу иш-чара өткөрүлүп, иш-чарага №45 кесиптик лицейинин окуучулары жана жаштар катышты.

### 30. **Саламаттык сактоо тармагы:**

2025-жылдын 3 айына карата А. Жакишов атындагы жалпы дарыгерлер тажрыйба борборунда 32 дарыгер (2 дарыгер декреттик өргүүдө), анын ичинен келген дарыгер-1 (акушер гинеколог), кеткен дарыгер-жок. ФАПтын кызматы менен камтуу 100% камсыз болгон.

Учурда районго жалпы 8 дарыгер жетишпейт, алар врач-реаниматолог-2, үй-бүлөлүк дарыгер-3, терапевт-1, ЛОР-1, рентгенолог-1.

Элдин саламаттыгына кам көрүү жана калкка сапаттуу-медициналык санитардык жардамды камсыз кылууга шарт түзүү максатында жана "Кыргыз Республикасынын жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" мыйзамынын 9-беренесинин 7, 8-пункттарына ылайык районго келип иштеп жаткан дарыгерлерди батир менен камсыз кылуу максатында 2025-жылы модулдук конструкциядан же контейнерден жасалган үй куруп берүү үчүн А. Жакишов атындагы ЖДТ борборунун райондук ооруканасынын имаратынын территориясынан ылайык жерди аныктап берүү боюнча райондук мамлекеттик администрациясынын 04.12.2024-жылдагы №01-15/5873 сандуу каты менен тапшырылган. Бирок, Кыргыз Республикасынын Саламатты сактоо министрлигинен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы-Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинде болгон кеңешменин №31-30 протоколунун негизинде 2025-жылы республика боюнча 20 оорукананын курулушу каралгандыктан, А. Жакишов атындагы жалпы дарыгерлер практикалык борборунун жаңы имаратынын курулушу аталган 20 оорукананын тизмесине киргендигине байланыштуу райондук оорукананын аймагына жеңил конструкциядан турак жай салууга жер тилкесин

бөлүп берүү мүмкүн  эместигин билдиришкен. Дарыгерлерди районго келип иштөөсүнө шарт түзүү максатында райондук мамлекеттик администрация тарабынан 2025-жылдын июль айына медицина кызматкерлерине материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүү жана шык, дем берүү максатында чет мамлекеттерге  эс алууга жолдомо берилүүсү пландалган.

Тогуз-Торо айыл өкмөтү тарабынан саламаттык сактоо тармагындагы жетишпеген адистерге социалдык жактан колдоо көрсөтүү максатында  Дөдөмөл айылынан аренда менен 3 га жер берилерин билдиришкен.

Саламаттык сактоо  мекемелерине жетишпеген медициналык кадрларды келечекте толуктоо максатында  Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүнүн 2025-жылдын 10-февралындагы №01-07-131 катынын негизинде жалпы билим берүүчү уюмдарынын 2024-2025-окуу жылындагы  бүтүрүүчүлөрдөн 27 бүтүрүүчү медициналык окуу жайларга тапшырууга талапкерлигин билдиришкен. Бул 27 бүтүрүүчүдөн 2025-жылдын 22-февралында  Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы билим берүүнүн сапатын баалоо департаменти тарабынан тест алынды. Аталган тесттин жыйынтыгы менен мониторинг жүргүзүлүп, алардын медициналык окуу жайларына тапшырууга  көмөктөшүү жалпы билим берүүчү уюмдардын  жетекчилерине милдеттендирилген.

2025-жылдын 3 айына А. Жакишов атындагы ЖДТ борборунун материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча 1803,2 миң сомдук иштер аткарылды, анын ичинен:

Ооруканынын имаратындагы 7 ички санитардык түйүндөрү 725,0 миң сомго ремонт болуп ишке берилди;

Оорукананын өлүк сактоочу жайына 496,6 миң сомго ремонт иштери жүргүзүлүп, 55 % бүткөрүлдү;

Видеокамера 8 даана 33,8 миң сомго жаңы коюлду;

Январь айында дарыгерлерге шарт түзүү максатында оорукананын жетекчилиги тарабынан 547,8 миң сомго 14 планшет алынып ҮДТнун дарыгерлерине жана ФАПтын кызматкерлерине тапшырылды жана 24 саат бою байланышта болуу үчүн интернетке кошулуп берилди. 2025-жылдын 3 айына карата 3 дарыгер билимин  жогорулатуу боюнча окууга барып келишти.

12.03.2025-жылы флюрография аппараты орнотулуп учурда иштеп жатат.

Жугуштуу ооруларды алдын алуу багытында кургак учук жаңы табылган 2024-жылдын 3 айына 5 (анын ичинен жугуштуу түрү-8), 2025-жылдын 3 айына –жок, өткөн жылга салыштырмалуу 5 учурга азайган,  2024-жылдын 3 айына кургак учуктан өлгөн адам-жок,  2025-жылдын 3 айына өлгөн адам жок.

Кургак учуктун алдын алуу боюнча бир айлык акциянын алкагында калк арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.  Ар бир айылда үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, ФАП, ден соолукту чыңдоо кабинетинин кызматкерлерининин катышуусу менен мектеп жана бала бакчаларда  суроо-жооп форматында семинарлар өткөрүлдү. Кургак учук оорусу боюнча каттоодо турган бейтаптар жана алардын контактныйлары, кургак учук боюнча кооптуу топто турган  168 бейтап рентген текшерүүдөн бекер өткөрүлдү. 2025-жылдын 3 айына рентген текшерүүдөн жалпы 567 адам өткөрүлгөн. Кургак учук табылган жок. 2025-жылдын 3 айына 73 бала төрөлүп, кургак учукка каршы эмдөөдөн өткөрүлгөн.  24-март – Бүткүл дүйнөлүк  кургак учукка каршы  күнүнө карата А. Жакишов атындагы ЖДТ борборунун жамааты тарабынан флешмоб өткөрүлдү.

Вакцина менен башкарууга жаткан инфекцияларды эффективдүү эмдөө иштерин жүргүзүү максатында  медициналык мекемелерде 10 эмдөө кабинеттери уюштурулган. 2025-жылдын I-кварталында вирустук гепатит В оорусуна каршы  72 төрөлгөн балага эмдөө жасалып 98,6%, кургак учук оорусуна каршы 72 төрөлгөн балага эмдөө жасалып 98,6%, өспүрүм  кыздарга  адамдын паппилома вирусуна  каршы эмдөөдөн 90 кыз эмделип 34,6%, кызамык, кызылча оорусуна каршы 1 жашка толгон 92 бала  эмделип 25%, кызамык, кызылча оорусуна каршы 2 жашка толгон 57 бала эмделип 14,3% түздү.

Жугуштуу эмес ооруларды алдын алуу багытында 2025-жылдын 3 айына карата "Жооптуу бол" аттуу бир айлык акция өткөрүлдү. Жалпы 7091 эркектин арасынан 4783 (65%) мед кароодон өткөрүлүп, кооптуу факторлору аныкталып тийиштүү сунуштар берилди.

27-февраль Бүткүл дүйнөлүк рак оорусуна каршы күнүнө карата, алыскы Дөдөмөл жана Кош-Булак айылындагы 181 айым жатын моюнчасынын рак ооруларын алдын алуу максатында гинекологдун кароосунан өткөрүлдү.

20-февраль күнү Социалдык адилеттүүлүк күнүнө карата жалпы район боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү 1-2- топтогу адамдар, жалгыз бой энелер, аз камсыз үй бүлөлөр, пенсионерлер жалпы 110 киши мед кароодон өткөрүлдү.

А. Жакишов атындагы ЖДТ борборунун медицина кызматкерлерине жана айылдык ден соолук комитеттерине "Саламат жүрөк" чекап модулу боюнча окуу өткөрүлдү.

**Кемчиликтер**:

"Кыргыз Республикасынын жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" мыйзамынын 9-беренесинин 7, 8-пункттарына ылайык айыл өкмөттөр тарабынан детишпеген дарыгерлерди ишке тартуу багытында Каргалык айыл өкмөтү жана Атай айыл өкмөтү тарабынан 2025-жылдын 3 айына карата конкреттүү иш аракеттер жүргүзүлгөн жок.

2025-жылга Тогуз-Торо районун социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планына А. Жакишов атындагы жалпы дарыгерлер тажрыйба борбору тарабынан жетишпеген 3 үй-бүлөлүк дарыгер, 1 реаниматолог жана 1 инфекционист менен камсыздоо аракетин көрүү киргизилген, 2025-жылдын I-кварталына карата бул дарыгерлер менен камсыздалган жок.

2025-жылдын 3 айына төрөттүн саны 73, 2024-жылдын 3 айына төрөттүн саны 77 болуп, салыштырмалуу 2025-жылдын 3 айына төрөлгөн балдардын саны 4 балага аз болду.

2025-жылдын 3 айына 2 бала каза болуп, көрсөткүчү 27,4 болгон, ал эми 2024-жылдын 3 айына 1 бала каза болуп, көрсөткүчү 13,1 болгон, 1 бала өлүү төрөлгөн. Салыштырмалуу 2025-жылдын 3 айына каза болгон ымыркайдын саны 1 балага көбөйүп, көрсөткүчү 14,3 пунктка жогорулаган.

Энелер өлүмү 2024-жылдын 3 айына -жок, 2025-жылдын 3 айына 1 эненин өлүмү катталып, көрсөткүч 1369,8 түздү.

2025-жылдын 14-май күнү Тогуз-Торо райондук саламаттык сактоо тармагын башкаруу боюнча Координациялык комиссиясынын отурумунда "Тогуз-Торо районунда ымыркайлардын өлүмүнүн абалы" жана "Тогуз-Торо районунда энелердин өлүмүнүн абалы" боюнча маселелер каралды. Ымыркайлардын өлүм көрсөткүчүнүн өсүшү, өлгөн ымыркайлардын ооруларын алдын алууга боло тургандыгы, коомчулук менен байланыштын начардыгы, протоколдордун так аткарылбашына жол берилгендиги үчүн, райондо ымыркайлардын өлүмүнүн 2025-жылдын 3 айынын, 2024-жылдын 3 айы менен салыштырмалуу жыйынтыгы канааттандыраарлык эмес деп белгиленип, алдын алуу иштерин жакшыртуу боюнча тапшырмалар берилди.

Тогуз-Торо районунда энелердин өлүмүн алдын алуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жетишээрлик эмес деп табылып, кош-бойлуулуктун 35-36 жумасында каза болгон Рахман кызы Жаркынбүгө кош бойлуу учурунда көзөмөл клиникалык протоколго ылайык жүргүзүлбөй калгандыгы, клиникалык протоколго ылайык толук өз убагында кабыл алууга келбегендигине жол бергендиги, аялдын аз кандуулугу белгиленбей кооптуу фактор коюлбагандыгы, электрондук кезекке туруп тийиштүү дарыгерлер тарабынан кабыл алынбагандыгы жана башка одоно кемчиликтерге жол бергендиги үчүн тийиштүү медицина кызматкерлерине ооруkananын директору тарабынан "Эскертүү" чарасы берилген. Өлүмгө алып келген кемчиликтердин оордук даражасын эске алганда, чара жеңил колдонулгандыгы белгиленип, мындай окуялардын кайталанбашы үчүн жана оруканадагы системалуу кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрүү максатында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине Рахман кызы Жаркынбүнүн өлүмү боюнча кызматтык иликтөө жүргүзүү боюнча райондук мамлекеттик

администрациясы тарабынан кат жөнөтүү жагы райондук саламаттык сактоо тармагын башкаруу боюнча Координациялык комиссиясынын 15.05.2025-жылдагы №2/1 чечими менен сунушталды.

Жугуштуу ооруларды алдын алуу багытында АИВ боюнча каттоодо тургандар 2025-жылдын 3 айына 27, анын ичинен райондо туруктуу жашаганы 16 (14-чоңдор, 2-бала). АИВге анализден өткөндөрдүн саны жалпы 2025-жылдын 3 айына 936 (2024-ж- 772), АИВге жаңы катталгандардын саны 2025-жылдын 3 айына 1 (2025-жылы Жалал-Абад областынан келген), 2024-жылдын 3 айына -жок, былтыркы жылга салыштырмалуу быйыл 1 учурга көбөйгөн.

Жалпы эмдөөдөн баш тарткан балдардын саны 2025-жылдын 3 айына карата 91 бала, анын ичинен 57 бала дин көз караш менен, 28 бала себеби жок эмдөөдөн баш тарткандар. 2025-жылдын 3 айына карата эмдөөдөн баш тарткан балдардын ичинен 6 бала эмдөө алышкан.

**Көйгөйлөр:**

- А.Жакишов атындагы жалпы дарыгерлер тажрыйба борборунун имаратын жана жугуштуу оорулар бөлүмүнүн имаратын капиталдык оңдоп-түзөө иштеринен өткөрүү талап кылынат. Бул боюнча 2023-жылы деффект акты жана смета түзүү үчүн оорукананын жетекчиси тарабынан 84,0 миң сомго тендер жарыяланып, оорукананын имаратына 113 000,0 миң сом ал эми жугуштуу оорулар бөлүмүнүн имаратына 6 000,0 миң сомго смета түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу архитектура, курулуш жана турак жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 06.11.2024-жылдагы №09/6867 сандуу каты менен А. Жакишов атындагы жалпы дарыгерлер иш тажрыйба борборунун имаратын капиталдык ремонттон өткөрүүсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө” Жободо белгиленген тартипке ылайык карала тургандыгы маалымдалган. 2025-жылга карата А. Жакишов атындагы жалпы дарыгерлер борборунун имаратынын жана жугуштуу оорулар бөлүмүнүн имаратынын утурумдук ремонтуна республикалык бюджеттен 211,2 миң сом акча каражаты бөлүндү.
- 2025-жылга Тогуз-Торо районун социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планына Тогуз-Торо айыл өкмөтүнө Дөдөмөл үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жаңы имаратын жана Кош-Булак айылындагы Кош-Булак ФАПтын жаңы имаратын куруу киргизилген. Аталган имараттардын курулуш ишин баштоо багытында тийиштүү иштерди алып баруу (тийиштүү документтерин даярдоо, сметасын түзүү, каржы табуу) боюнча райондук мамлекеттик администрациясынын 21.01.2025-жылдагы №01-15/267 каты менен А. Жакишов атындагы ЖДТ борборунун директору Д. Абдылдаева жана Тогуз-Торо айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А. Жарбашовго тапшырма берилген. Тогуз-Торо айыл өкмөтү тарабынан Дөдөмөл айылынын үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жаңы имаратын салуу боюнча 2024-жылы А. Жакишов атындагы ЖДТ борборунун жетекчилиги менен аракеттер көрүлүп, документи толук кандуу бүтпөй калгандыгы жана 2025-жылга карата донор издеп, документтерди толук кандуу бүткөрүүгө аракеттер көрүлөрүн билдирген. Кош-Булак айылындагы ФАПтын имаратынын курулушу боюнча “Калем Медиа” кайрымдуулук фондуна кат менен кайрылып, 2025-жылы салып берүүнү убадалашканын жана учурда фонддун өкүлү менен сүйлөшүүлөр жүрүп жаткандыгын билдирген.

## 31. Райондук ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик–санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору

2025-жылдын 3 айына карата санитардык бөлүмдө көзөмөлдө турган жалпы 251 объекти бар, анын ичинен текшерилген 124, айыл өкмөттөргө 4, 2 кызматтык кат, 15 санитардык көрсөтмө берилип аткарууга алынды. Жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулар” Кодексинин 214-берененин 1- бөлүгү жана 80-беренелери боюнча 7 адамга айып салынып, жалпы суммасы 17,0 миң сом түздү.

Ишкердик субъектерине текшерүү жүргүзүүгө 16 жолдомо алынып, 14 объекти текшерилди, 2 объекти убактылуу иштебей калгандыгына байланыштуу текешерилген жок. Жыйынтыгы менен “Укук бузуулар” Кодексинин 214-беренесинин 1-бөлүгү менен 4 жеке ишкерлерге 14,0 миң сом айып салынып, 5 санитардык талап берилди.

Тамак-аштан уулануунун алдын алуу максатында “Тамак-аш азыктарынын коопсуздугу жөнүндө” техникалык регламенттин негизинде пландан сырткары соода түйүндөрүнө 20 текшерүү жүргүзүлдү. Т. Кожалиев жана Т. Жээналиев көчөлөрүндөгү 20 соода түйүндөрү каралып, жеке ишкерлерлерге эскертүү актылары түзүлдү жана мөөнөтү өткөн азыктарды сатуудан алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Көзөмөлдө турган объектилердин санитардык-гигиеналык эрежелердин аткарылышын жана ченемдердин сакталышына микробиологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, жалпы 238 сүртүм (смыв) алынып, жыйынтыгында 57 үлгү 23% микробиологиялык ченемдерге жооп берген эмес. Даяр тамак аштардан изилдөөгө 29 үлгү, санитардык-микробиологиялык лабораторияга 38 үлгү алынып, микробиологиялык көрсөткүчтөргө жооп берет.

“Ичүүчү суунун коопсуздугу жөнүндө” Техникалык регламент боюнча Жалал-Абад аралык ооруларды алдын алуу жана МСЭК борборунун санитардык-гигиеналык лабораториясына 3 үлгү, Кыргыз Республикасынын ооруларды алдын алуу жана МСЭК департаментинин радиологиялык лабораториясына Чет-Булак айылынын фильтринен кийинки суу, Казарман ККП скважинасынан, Арал айылынын “Нот” чоң суусунан, Бирдик айылынын “Май-Булак”, “Казык” булактарынан, жалпы 5 үлгү жөнөтүлдү. Жыйынтыгы суунун үлгүлөрү “Ичүүчү суунун коопсуздугу” Техникалык регламенттин талаптарына жооп берет.

2025-жылдын 3 айына карата катталган жугуштуу оорулар: ичеги карын инфекциялар 7, кургак учук жок, биринчи жолу аныкталган бруцеллез 11, кызамык 3, өткүр вирустук гепатиттер 69, өнөкөт вирустук гепатиттер биринчи жолу аныкталганы 10, ГВС 5, ВГД 3, өткүр респиратордук инфекциялар 124, жаныбарлар тиштегени 4, мите курт оорулар 7, эхинококкоз 3 катталган.

**32. Туризм тармагы**

Райондун туризм потенциалын жогорулатуу жана туристтерге жагымдуу шарт түзүү максатында, “Саймалуу-Таш” мамлекеттик жаратылыш паркынын Көк-Арт участогуна NaBu Жаратылышты коргоо союзу тарабынан 306,5 миң сом акча каражаты каржыланып парктын Көк-Арт өрөөнүнө этно навес орнотулду.

Райондун туризм дараметин жогорулатууга жана туристтерге жагымдуу шарт түзүүгө, “Саймалуу-Таш” МЖП туристтик базасына табличкалар орнотулуп, орүү аянтчасы жасалды, кошумча курулуштарга тендер жарыяланды, 3D виртуалдык жана реалдуулук боюнча долбоор даярдалып Кыргыз Республикасынын туризмди өнүктүрүү фондуна сунушталды.

Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги тарабынан парктын аймагына боз үй алууга 500,0 мин бюджеттен бөлүнүп берилди.

Демөөрчүлөр тарабынан 132,0миң сомго “Саймалуу-Таш” мамлекеттик жаратылыш паркынын кызматкерлерине тийиштүү жабдуулар алынып берилди.

“Кан-Ачуу” мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагына 3 жерге маданий борбор куруу боюнча, азыркы учурда административдик имараттын жанына курулуучу 1 даана маданий борбор толук кандуу курулуп бүттү. Экинчи №1 Кашка-Суу участкасына курула турган жана №4 Капка-Таш участкасына курула турчу 2 даана маданий борбордун куруу иштери аягына чыгып жатат.

“Кан-Ачуу” мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагына алынып келе турган 5 баш бугу марал боюнча 3138,5 миң сомго долбоор “Кан-Ачуу” МЖП тарабынан даярдалып департаментке жөнөтүлгөн бүгүнкү күндө каржы булактары каралууда.

### 33. Жарандык абалдын актыларын каттоо бөлүмү

Жарандык абалдын актыларын каттоо боюнча 2025-жылдын 3 айына жалпы төрөлгөн балдардын саны 90 болсо, былтыркы жылга 94 болуп, былтыркы жылга салыштырмалуу быйыл 4 балага аз төрөлгөн.

Өлгөн адамдардын саны жалпы район боюнча 2025-жылдын 3 айына 39 болсо, 2024-жылдын 3 айына 32 болуп, былтыркы жылга салыштырмалуу быйыл 7 адамга өлүм көбөйгөн.

2025-жылдын 3 айына никеге тургандар 22 болсо, 2024-жылдын 3 айына 31 болуп, былтыркы жылга салыштырмалуу 9 үй бүлөгө аз.

Ажырашкандар 2025- жылдын 3 айына 7 болсо, 2024-жылдын 3 айына 7 болуп, былтыркы жылга салыштырмалуу өзгөргөн жок.

### 34. Жашыл мурас" улуттук өнөктүгү

Тогуз-Торо районунда Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаров тоо экосистемасында бак-дарактардын көчөттөрүн отургузуу боюнча "Жашыл мурас" улуттук өнөктүгүнө старт берүү иш чарасы, райондун аймагында аткарууга алынып, "2022-жылды Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыялоо жөнүндө" 31.01.2022-жылдагы №17 Жарлыгын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 11.04.2022-жылдагы №25-т тескемесин аткаруу максатында, айыл өкмөттөрү, мекеме-ишканалар тарабынан төмөндөгүдөй иштер аткарылды.

2024-жылы жалпы район боюнча Тогуз-Торо районунун аймагында 2024-жылга карата бак-дарактарды эгүү планын аткаруу боюнча Тогуз-Торо районунун аймагында 2024-жылга карата Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын тапшырмасы менен 75000 түп бак-дарактарды тигүү пландалып берилген. Тапшырманыны негизинде, 2024-жылы 07.06.2024-жылга чейин "Жашыл мурас" өнөктүгүнүн алкагында 39629 түп даана, ал эми 2024-жылдын октябрь (күз) айында айыл өкмөттөрү райондук Токой чарбасы менен биргеликте 35371 түп даана жазы жалбырактуу көчөттөрү отургузулуп жалпы берилген 75000 план аткарылды.

Алып айтсак: Токой чарбасы экме токой 30 000 миң даана түп 10 га жер аянтына "Ой- кайың" участкасына отургузулуп, текшерүү учурунда өнүмү 83% же 5100 даана көчөтү куурап өспөй калган, өскөнү 24900 түп даана.

Айыл өкмөттөрү, мекеме -ишканалар 550 даана ийне жалбырактуу жана 9079 түп даана жазы жалбырактуу жана мөмө –жемиш берүүчү бак-дарактардын көчөттөрүн жалпы район боюнча **21,6 га жер аянтына** отургузулду. Жалпы билим берүүчү орто мектептери **"Бир окуучу-бир көчөт"** акциясынын алкагында жаз айында 2919 түп көчөт отургузулду, өнүмү 65% түздү. Атай айыл өкмөтү боюнча 86% түздү. Көчөттөрдү сугаруу тамчылатып сугарылган. Тогуз-Торо айыл өкмөтүнүн өнүмү 83% Каргалык айыл өкмөтүндө көчөттөрдүн өнүмдүүлүгү 78,6%, жалпы район боюнча 82,53 % түздү.

| № | Айыл өкмөтүнүн аталышы | Аянты (га) | Көчөттөрдүн саны | осүшү | өспөй калганы | өнүмү % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Атай | 3 га | 2620 | 2253 | 367 | 86% |
| **2** | Тогуз-Торо | 3,6 га | 2040 | 1428 | 612 | 70,2% |
| **3** | Каргалык | 5,0 га | 4969 | 4125 | 844 | 83% |
| **4** | Токой чарбасы | 10 га | 30000 | 24900 | 5100 | 83,0% |
| | **Район боюнча** | **21.6 га** | **39629** | **32706** | **6923** | **82,53%** |

Райондун аймагындагы айыл өкмөттөр, жашоочулар, мекеме-ишканалар (менчигинин түрүнө карабастан) 2025-жылы жалпы район боюнча 77500 түп даана

көчөттөр отургузула турган болсо,  бүгүнкү күнгө 70659 даана түп көчөттөр анын ичинен 2550 түп даана ийне жалбырактуу,  жазы жалбырактуу жана  мөмө берүүчү бактар  68109 түп даана  (алма, өрүк, карагат, жаңгак, абрикос, кара өрүк, бадал, тал кайын, терек, кара жыгач, ясень, чычырканак ж.б.)  отургузулуп  бугүнкү күнгө карата 91,7% түздү. Берилген план боюнча 31,0 миң көчөттү  Каргалык айыл өкмөтү тарабынан отургузула турган болсо, 6841 түп даана көчөт  отургузула элек, 2025-жылдын күз айында  отургузулат. Жалпы район боюнча  26,5 га жер аянтына көчөт отургузулду.

Тактама даярдагандар:

Б.Ш.Шаршенбеков
Т.Д.Карагулова
Ч.Ж.Маметкулов
А.Э.Калманбетов
М.Байманбет уулу
Н.А.Нургазиева
Н.Абдылда кызы
К.Н.Рысалиев